
Шейшемби,
2026-жылдын
8-сентябры
№67 (3827)

# Эркин-Тоо

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити**

www.erkin-too.kg



## ЖАРАНДАРДЫН КЫЗЫКЧЫЛЫГЫ КОРГОЛУШУ КЕРЕК

***Президент Садыр Жапаров Акыйкатчы Жамиля Жаманбаева менен жолугушуп, өлкөдөгү адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жаатындагы актуалдуу маселелер боюнча сүйлөштү.***

Жамиля Жаманбаева Мамлекет башчысына Акыйкатчы институтунун ишмердүүлүгү, иштин негизги жыйынтыктары жана акыркы жылдарда жетишилген натыйжалар, ошондой эле жарандардын укуктарын, ар-намысын жана кадыр-баркын коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча көрүлүп жаткан чаралар тууралуу маалымат берди.

Садыр Жапаров адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жана сактоо мамлекеттик саясаттын маанилүү артыкчылыктарынын бири экенин айтып, кыйноолорду колдонуу же жарандардын укуктарын бузуу боюнча кайрылуулар келип түшкөн учурда Акыйкатчы институтунун кызматкерлери толук жана ар тараптуу иликтөө жүргүзүп, мыйзам тарабынан кепилденген жарандардын укуктарын коргоону камсыз кылып, укук коргоо органдары тарабынан мүмкүн болуучу басымдан же мыйзамсыз аракеттерден коркпостон алардын кызыкчылыктарын коргошу керектигин өзгөчө баса белгиледи.

## ВИРТУАЛДЫК АКТИВДЕР РЫНОГУН ӨНҮКТҮРҮҮ

***Президент Садыр Жапаров өткөн аптанын аягында өлкөдө Виртуалдык активдер жана блокчейн-технологиялар чөйрөсүн өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңештин үчүнчү жыйынын өткөрдү.***

Ысык-Көл облусунун Чолпон-Ата шаарында өткөн жыйындын жүрүшүндө Кыргызстанда криптовалюта, блокчейн жана санариптик финансылык инструменттерди өнүктүрүү боюнча жаңы кадамдар жасалып жаткандыгы тууралуу кеңири талкуу болуп, Өлкө башчысы Садыр Жапаров тармакты жөнгө салууга тиешеси бар бардык тараптарга тапшырмаларды берди.

Мамлекет башчысы өз сөзүндө виртуалдык активдер жана блокчейн-технологиялар чөйрөсүн өнүктүрүүнүн Кыргызстан үчүн стратегиялык маанисин, ошондой эле мамлекеттик саясаттын негизги артыкчылыктарын белгилеп, Кыргызстан бул тармак үчүн мыйзамдык базаны жана зарыл инфраструктураны түзүп жаткандыгын белгиледи.

Жыйында санариптик сомду пилоттук режимде киргизүү маселеси да каралды. Улуттук банк 2026-жылдын 31-декабрына чейин санариптик сомдун базалык платформасын иштеп чыгып, аны пилоттук тестирлөөдөн өткөрүшү керек. 2027-жылдан тартып санариптик сомду реалдуу шарттарда сынап көрүү, кийин этап-этабы менен өлкө боюнча жайылтуу пландалууда.

Мындан тышкары, виртуалдык активдерди лицензиялоо жана көзөмөлдөө үчүн бирдиктүү санариптик платформа түзүлөт. Виртуалдык активдер жана блокчейн-технологиялар боюнча улуттук агенттикке анын наркын жана каржылоо булактарын бир айдын ичинде аныктоо тапшырылды. Платформаны 2027-жылдын 1-январынан тартып пилоттук тестирлөөгө киргизүү керек.

Жыйында улуттук валютага байланыштырылган KGST стейблкоининин өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү да талкууланды. Ошондой эле виртуалдык активдерге салык салуу, рынокко эл аралык санкциялардын таасири жана коопсуздук маселелери каралды.

Мамлекеттик салык кызматына салыктык жөнгө салууну өркүндөтүү боюнча сунуштарды эки айлык мөөнөттө даярдоо тапшырылды. Ал эми үч айдын ичинде виртуалдык активдер боюнча мыйзамдарга өзгөртүү киргизүү жана тиешелүү ченемдик актыларды кабыл алуу маселеси чечилиши керек.

Президент виртуалдык активдер тармагындагы тобокелдиктерди да эске алуу зарылдыгын белгилеп, УКМК менен ИИМге мыйзамдарды жана мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүү механизмдерин кайра карап чыгууну тапшырды.

# ДҮЙНӨЛҮК КӨЧМӨНДӨР ОЮНДАРЫ ТАТАРСТАНДА



***Кыргызстанда 12 жыл мурда башталган Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары быйыл өз мекенине мурдагыдан да чоң масштабда кайтып келип, 1-сентябрдан 6-сентябрга чейин Ысык-Көл облусунда өткөрүлүп, жекшемби күнү Чолпон-Ата шаарында спорттук жана маданий иш-чаранын жабылыш аземи өттү.***

Анда Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев сөз сүйлөп, оюндардын ийгиликтүү өтүшү менен спортчуларды, коноктордү жана жалпы кыргызстандыктарды куттуктады.

Анын айтымында, 2014-жылы Ысык-Көлдө башталган оюндар Түркия менен Казакстанда уланып, акырында дүйнөлүк маданий-спорттук кыймылга айланды. Быйылкы оюндардын Кыргызстанда өтүшү өлкөнүн тарыхын, маданиятын жана спорттук мүмкүнчүлүгүн дүйнөгө көрсөтүүгө шарт түздү.

Төрага Кырчын жайлоосундагы иш-чаралар спорттук мелдештер менен гана чектелбегенин белгилеп, окумуштуулар көчмөн цивилизациясынын тарыхын, мамлекеттүүлүгүн, тилин, маданиятын жана дүйнө таанымын талкуулашканга жетишкендигин белгиледи. Андан соң Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын кийинки этабын өткөрүү үчүн мөөрөйдү Төрага расмий түрдө Россиянын Татарстан Республикасына өткөрүп берди.

## КЫРГЫЗ-ГЕРМАН КЫЗМАТТАШТЫГЫ

Кыргызстанда кыргыз-герман ишкердик кеңешинин 6-отуруму болуп өттү. Отурумга Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев катышып, эки өлкөнүн бизнес өкүлдөрүнүн ортосундагы түз диалог, практикалык чечимдерди иштеп чыгуу жана келечектүү долбоорлорду колдоо үчүн натыйжалуу аянтча бойдон калышы керектигин белгиледи. Министрлер Кабинетинин Төрагасы ишкердик кеңешинин катышуучуларын жылуу тосуп алып, Кыргызстан менен Германиянын ортосунда өз ара урматтоого жана ишенимге негизделген көп жылдык достук мамилелер бар экенин белгиледи. Анын айтымында, Германия өнөр жай, машина куруу, энергетика, «жашыл» технологиялар, санариптештирүү жана кесиптик билим берүү тармактарында чоң тажрыйбага ээ. Кыргызстан бул тажрыйбаны экономикасын өнүктүрүүдө пайдаланууга кызыкдар.

Эки тараптын сүйлөшүүсүндө негизги көңүл чакан жана орто бизнести өнүктүрүүгө, Ысык-Көлдө кышкы туризмди жайылтууга, ошондой эле IT жана стартаптарды колдоого бурулду.

Касымалиев ошондой эле Кыргызстан быйыл июнда Европа Биримдигинин авиациялык коопсуздук боюнча «кара тизмесинен» чыгарылганын белгиледи. Эми Европа өлкөлөрү, анын ичинде Германия менен түз авиакаттамдарды ачуу маселеси каралууда. Жыйындын соңунда тараптар чакан жана орто бизнес, туризм жана IT тармагындагы кызматташтыкты өнүктүрүү боюнча протокол кабыл алышты.

"Эркин-Тоо" пресс

**Урматтуу окурмандар!**

**Онлайн форматтагы "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жазылуу жүрүп жатат.**

**Толук маалымат алуу үчүн төмөнкү шилтемеге кириңиз: erkin-too.kg/podpiska**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

КҮНДҮН СОБОЛУ



«ШКУ ПЛЮС» ЖОЛУГУШУУСУ
2026-жылдын 1-сентябры, Бишкек
"上海合作组织+"会议
2026年9月1日, 比什凯克

ВСТРЕЧА «ШОС ПЛЮС»
1 сентября 2026 года, Бишкек
«SCO PLUS» MEETING
September 1, 2026, Bishkek

# КЫРГЫЗСТАН ШКУдагы ТӨРАГАЛЫК МИЛДЕТТИ КАНДАЙ ЖЫЙЫНТЫКТАЙ АЛДЫ?

***Ошентип, бул жылы өлкөбүздүн ШКУдагы төрагалыгы эл аралык деңгээлдеги абройлуу уюмдун мааракелик жылына туш келди. Мындай шартта Кыргызстанга кошумча жүк жүктөлүп, өлкөбүздүн төрагалыгы астында 200дөн ашык атайын иш-чара өткөрүлдү. Кыргызстандын төрагалыгы учурунда кадыры бийик уюмдун эл аралык беделин чыңдоо, эл аралык байланыштарын кеңейтүү боюнча көп иштер жасалганын белгилеген ШКУнун баш катчысы Нурлан Ермекбаев кыргыз өлкөсү бул сапар өзүнүн чыгармачылыгы менен айырмаланганын, өлкөдөгү бийик чокуга ШКУнун аты берилип, жалпысынан жаштар менен иштөөгө олуттуу көңүл бурулганын айтты. Биз бул сапар дал ушул дүйнөлүк саясат талкууланган ШКУдагы маанилүү иштердин жыйынтыгы боюнча коомчулуктун пикирин билүүгө далалат кылдык.***





**Жогорку Кеңештин депутаты Улан САРИЕВ:**

## “ДИПЛОМАТИЯЛЫК ТАЖРЫЙБАБЫЗ ДАГЫ БИР ДЕҢГЭЭЛГЕ КӨТӨРҮЛДҮ”

- Бул сапар Кыргызстан ШКУдагы төрагалык милдетин жөн гана ийгиликтүү аткарбастан, аны өлкөбүздүн тарыхындагы маанилүү дипломатиялык мүмкүнчүлүк катары пайдалана алды. Эске салсак, ШКУнун тарыхы 1996-жылы “Шанхай бештигинен” башталган. Кыргызстан ошол процесстин башатында турган мамлекеттердин бири. Арадан отуз жылга жакын убакыт өтүп, ШКУ эл аралык мамилелердеги маанилүү, көп тараптуу аянтчалардын бирине айланды. Демек, Кыргызстан үчүн төрагалык кылуу – бул жөн гана кезектеги милдет эмес, тарыхый процесстин уландысы. Төрагалык учурунда Кыргызстан өзүнө маанилүү болгон маселелерди уюмдун күн тартибине чыгара алды. Айрыкча, коопсуздук, экономикалык кызматташтык, транспорттук байланыштар, энергетика жана гуманитардык багыттар боюнча кызматташтыкты кеңейтүүгө өзгөчө көңүл бурулду. Кыргызстан төрагалыкты конкреттүү демилгелерди сунуштап, мамлекеттер ортосундагы диалогду бекемдөө үчүн пайдалана алды. Өзүбүздүн улуттук кызыкчылыктарыбызды да эске алуу менен аймактык жана эл аралык деңгээлдеги маанилүү маселелер боюнча позициябызды ачык билдирдик. Ошондуктан, ШКУдагы төрагалыктын жыйынтыгын өткөрүлгөн иш-чаралар менен гана эмес, Кыргызстанды кызыктырган маселелердин эл аралык күн тартибинде канчалык деңгээлде көтөрүлгөнү менен баалоо керек. Бул жагынан алганда, төрагалык өлкөбүздүн дипломатиялык тажрыйбасын дагы бир деңгээлге көтөргөн маанилүү этап болду деп эсептейм.



**Жогорку Кеңештин депутаты Медина КАЙРЫЛБЕКОВА:**

## “ӨЛКӨБҮЗ ҮЧҮН ШКУ КӨП ТАРАПТУУ ФОРМАТ БОЛДУ”

- Кыргызстан ШКУдагы төрагалык жоопкерчиликтүү милдетти жогорку деңгээлде жыйынтыктап, уюмдун алкагындагы кызматташтыкты жаңы мазмун менен толуктоого багытталган бир катар маанилүү демилгелерди ишке ашыра алды. Мындай деңгээлдеги иш-чараны ийгиликтүү өткөрүү өлкөбүздүн уюштуруучулук параметин жана эл аралык иш-чараларды жогорку деңгээлде өткөрүүгө жөндөмдүү экенин көрсөттү. Жыйында учурдагы актуалдуу маселелер боюнча ачык, конструктивдүү пикир алмашуулар болду. Коопсуздук, экономикалык кызматташтык, соода-экономикалык байланыштарды кеңейтүү, транспорт жана логистика, энергетика, санариптештирүү жана гуманитардык байланыштарды өнүктүрүү сыяктуу маанилүү багыттар талкууланды. Кыргызстан үчүн ШКУ – жөн гана дипломатиялык аянтча эмес, өлкөнүн экономикалык жана саясий мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө шарт түзгөн маанилүү, көп тараптуу формат. Мындай ири эл аралык иш-чаралар Кыргызстандын тышкы саясий абройуна гана эмес, өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүнө да жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Эл аралык байланыштардын кеңейиши инвестиция тартууга, соода мамилелерин өнүктүрүүгө, транспорттук коридорлорду жакшыртууга, туризмди өнүктүрүүгө оң таасирин тийгизиши мүмкүн. Эми кабыл алынган чечимдерди иш жүзүнө ашырып, жетишилген макулдашууларды конкреттүү долбоорлор менен бекемдөө маанилүү. Ток этери, Кыргызстан ШКУдагы төрагалык милдетин жогорку деңгээлде аткарды.



**Жогорку Кеңештин мурдагы депутаты Динара АШИМОВА:**

## “ШКУдагы ТӨРАГАЛЫК ЖАҢЫ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРДҮН БАШТАЛЫШЫ...”

- Кыргызстан ШКУдагы төрагалыгын татыктуу жана ийгиликтүү жыйынтыктады. Мааракелик жылга туш келген төрагалык өлкөгө олуттуу уюштуруучулук жана саясий жоопкерчилик жүктөдү. Өлкөбүз уюмга төрагалык кылган мезгилинде 200дөн ашык иш-чара өткөрүлүп, транспорт, логистика, стандартташтыруу, спорт жана жаштар саясаты багыттарында жаңы кызматташтык форматтары түзүлүп, Кыргызстан ШКУнун эл аралык байланыштарын бекемдөөгө салым кошту: КМШда байкоочу статусуна ээ болуп, ШКУ–КМШ–ЖККУ кызматташтыгы боюнча жол картасы кабыл алынды. Бишкек саммити өлкөнүн жогорку уюштуруучулук мүмкүнчүлүгүн көрсөттү. Саммиттин жыйынтыгында Бишкек декларациясы жана дагы 27 документ кабыл алынды. Эң маанилүүсү – Кыргызстан өзүн жөн гана уюмдун мүчөсү катары эмес, күн тартибин сунуштай алган жана конструктивдүү диалог түзө алган мамлекет катары көрсөттү. Транспорт, коопсуздук, санариптештирүү, жасалма интеллект жана гуманитардык кызматташтык сыяктуу маанилүү багыттарга өзгөчө көңүл бурулду. Ошондуктан төрагалыктын жыйынтыгын өткөрүлгөн иш-чаралардын саны менен гана баалоо туура эмес. Негизги натыйжа – Кыргызстан өзүнүн дипломатиялык мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүп, улуттук кызыкчылыктарын көп тараптуу форматта илгерилетүүгө шарт түздү. Эми түзүлгөн байланыштарды жана жетишилген макулдашууларды конкреттүү экономикалык жана инфраструктуралык долбоорлорго айландыруу маанилүү. Демек, ШКУдагы төрагалык аяктаган цикл эмес, жаңы мүмкүнчүлүктөрдүн башталышы болуп саналат.



**Тарых илимдеринин доктору Чолпон КОЙЧУМАНОВА:**

## “КЫРГЫЗСТАНДЫН ОҢ ИМИДЖИН КАЛЫПТАНДЫРУУГА ӨБӨЛГӨ ТҮЗҮЛДҮ”

- ШКУнун саммити Борбор Азия өлкөлөрү үчүн өзгөчө мааниге ээ. Тез өзгөрүп жаткан дүйнөдө ШКУнун мааниси ырааттуу түрдө өсүүдө, анткени, бул уюм саясий, экономикалык жана демографиялык потенциалга ээ мамлекеттерди бириктирет. Ал эми Орто Азия маанилүү транспорттук жана соода жолдорунун кесилишинде жайгашкандыктан, анын туруктуулугу жана өнүгүүсү бүтүндөй Евразия үчүн чоң мааниге ээ. ШКУнун алкагында терроризм жана экстремизмге каршы күрөшүү, трансчек аралык кылмыштуулукка каршы туруу, транспорттук инфраструктураны, энергетика тармагын, суу ресурстарын жана санариптик экономиканы өнүктүрүү сыяктуу маселелерди биргелешип талкуулоо мүмкүнчүлүгүнө ээ. Кыргызстанда ШКУнун саммитин өткөрүү өлкө үчүн маанилүү окуя. Анткени, эл аралык диалогдун активдүү катышуучусу жана ишенимдүү өнөктөш катары Кыргызстанга көрсөтүлгөн ишенимди чагылдырат. Саммиттин уюштуруу республиканын экономикалык, маданий жана туристтик параметин дүйнөлүк коомчулукка көрсөтүүгө, ошондой эле аймактык жана глобалдык маселелерди чечүүгө салым кошууга даярдыгын тастыктоого мүмкүнчүлүк берет. Кыргызстан үчүн саммитти өткөрүү, бул бир гана дипломатиялык иш-чара эмес, өлкөнүн эл аралык абройун бекемдөөдөгү маанилүү фактор жана жогорку деңгээлдеги эл аралык иш-чараларды өткөрүүгө кудуреттүү мамлекет катары кадыр-баркын жогорулатат. Чет өлкөлүк делегациялардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана ишкер чөйрөнүн көңүл буруусу өлкөнүн кадыр-баркын жогорулатууга жана дүйнөлүк аренада оң имиджди калыптандырууга өбөлгө түзөт. Демек, аймактык жана эл аралык мааниге ээ. Саммиттин ийгиликтүү өткөрүлүшү бүтүндөй аймакта тынчтыкты, туруктуулукту жана туруктуу өнүгүүнү мындан ары чыңдоо жолундагы маанилүү кадам болуп калышы мүмкүн.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

ОКУМУШТУУ ОЙ БӨЛҮШӨТ



**Тынчтыкбек ЧОРОТЕГИН, Ж.Баласагын атындагы КУУнун Чөлкөм таануу жана кыргыз таануу кафедрасынын профессору, тарыхчы:**

# "КӨЧМӨНДӨР РУХУ САКТАЛА БЕРЕТ"

**- Тынчтык мырза, көчмөндөрдүн жашоо бейнеси бүгүнкү заманбап дүйнөдө да актуалдуулугун (ургаалдуулугун) жоготкон жок деп айтсак болобу? Көчмөндөрдүн кайсы тажрыйбасы азыркы адамдарга өзгөчө керек?**

- Көчмөндөрдүн жашоо бейнесинин башкы мааниси жана утушу – ариддик жана башка шарттардагы жаратылыш чөйрөсү менен камыр-жумур болуп, ал чөйрөгө эч кандай олуттуу зыян келтирбестен, адамзат үчүн табиятты телегейи тегиз колдонууга жетишкендиги болгон. Ал эми коомдук тажрыйбага келсек, көчмөндөрдүн ар кыл цивилизациялык очокторго карата ачыктыгы – көчмөндөр цивилизациясынын угуту болуп саналат. Азыр ар өлкөдө көп этностуу жарандык коом жаңы середе калыптанып жаткан шартта дал ушул көчмөндүк маданий сабырдуулук жана маданий эшигин ачык калтырылышы – өтө алгылыктуу касиеттер.

Демек, көчмөндөрдүн жашоо бейнесинин  топтолгон тажрыйбасы азыр да жалпы адамзат үчүн ургаалдуу.

**- Көчмөн үчүн эркиндик жөн гана түшүнүк эмес, жашоо философиясы болгон дешет. Кыргыз элинин эркиндикке болгон мамилесин тарыхтан кандай мисалдар менен түшүндүрүүгө болот?**

- Көчмөндөр жапырт кулчулдук эмгекке негизденген коомду жаратышкан эмес. Кишинин жеке эркиндиги, анын үй-бүлөсүнүн кадыр-баркы дайыма жогору бааланган. Маселен, кыргыз, казак, алтай сыяктуу көчмөндөрдө айрым бир дин аркылуу таңууланган "аялды таш бараңга алуу" деген жорук эч качан болгон эмес. Аялзатка карата адилетсиз зомбулук анын төркүндөрү жана жалпы элдик үрп-адат тарабынан жазаланган. Эркин айым, чоң эне жана өз эне – эркин көчмөндү тарбиялоонун башкы жүзөгө ашыруучуларынан болушкан. Улут коду камтылган эпосубузда хан Манас өлгөн соң Чыйырды чоң эне менен Каныкейдин наристе канзаада Семетейдин жаркын келечеги үчүн энелик күрөшү – үй-бүлөлүк маселе гана эмес, эненин коомдогу олуттуу ролу тууралуу да ишаара болуп саналат.

**- "Көчмөндөрдүн өзүнүн кодекси болгон" деген пикир бар. Улууну урматтоо, конок күтүү, сөзгө бекем болуу, намыс, жаратылыш менен жашоо сыяктуу баалуулуктардын кайсынысы көчмөндүн негизги "кодун" түзгөн?**

- Кыргыздарда гана эмес, жалпы евразиялык көчмөн элдерде да көчмөндүк эреже муундан-муунга өтүп келген. Ал – коомдун өнүгүү баскычына жараша коомдук тажрыйба аркылуу калыптанган жана улам өркүндөтүлгөн,  адилеттикке жана адамгерчиликке негизделген  үрп-адаттын жыйындысы болгон. Ал – көп тарамдуу. Маселен, аңчылыкка келсек, кийиктердин туут жана чаарчыкты жетилтүү маалы да ыйык каралган. Бул эрежеге баш ийбегендерди Сур эчки эмес, Сур эчкинин атынан жалпы эле аңчы жана көчмөн жамааты каргап салышканын "Кожожаш" эпосунан билебиз.

Көчмөндөр улууну жөн гана урматтабастан, анын устаттык таалимин алышкан. Ал эми улгайган кишилер турмуштун бардык багыттарында (оозеки жана жазма адабият, дастанчылык, төкмөлүк, музыка, кол өнөрчүлүк, уздук, усталык, мүнүшкөрлүк, саяпкерлик, аскер өнөрү, курултай уюштуруу тажрыйбасы, чет элдер жана өлкөлөр менен алака жүргүзчү элчилик жана данакерлик, дыйканчылык, деги койчу, коомдук бардык тармактарда) өз мол тажрыйбасын жана өз устатынын таалимин кийинки муундарга бапестеп өткөрө алчу баалуу социалдык катмар экендиги белгилүү эмеспи. Демек, улууну урматтоо – коомдук тажрыйбанын мыкты мөмөсү.

Албетте, эрендердин каармандыгы, алардын аргымактарынын асыл сапаттары эпостордо, жомоктордо, макалдарда жана таштагы битик жазмаларында байыртадан чагылдырылган. Айымдарды сулуулугу үчүн гана эмес, энелик мыкты сапаты, Акыл Карачач сыяктуу көрөгөчтүгү жана айдыңдыгы үчүн даңазалашкан.

Зарыл учурда эрендерден кем калышпай Ата журт үчүн күрөшкөн Жаңыл Мырза, Кыз Сайкал, ат чабышта намыска жараган Каныкей сыяктуу айымдардын жүз миңдеген прототиптери болгон.

Азыркы Мамлекеттик катчы Арслан Капай уулу мырза Уңгужолдун негизги нуктарынын бири болгон "Таалим-тарбия, илим, билим жана маданият" жаатында көп ирет омоктуу ойлорун айтты. Ал өзү да көчмөн кыргыздардын XIX кылымдардын биринчи жарымындагы жана ошол кылымдын ортосундагы арап жазмасындагы дипломатиялык каттары жаатында диссертация жактаган булак таануучу, тарыхчы адис. Ал көчмөндөр да жазма маданиятка ээ экендигин баса белгилеп келет.

Биз көчмөндүк ой мурастын жазма маданияттагы көп кылымдык чагылдырылышын астейдил үйрөнүшүбүз керек.

Дегиңкиси, жалпы асыл-нарктардын бир гана бөлүгүн өтө маанилүү деп көрсөтүп чектелүүдөн качышыбыз абзел. Асыл нарктар жаңы коомдук тажрыйба аркылуу улам байытыла жана кеңейтиле берчү көрүнүш.

**- Көчмөндөр жаратылышты багындырууга эмес, аны менен шайкеш жашоого умтулган. Ушул философия бүгүнкү экологиялык көйгөйлөр күчөп турган учурда дүйнөгө кандай сабак бере алат?**

- Сөзүңүз калетсиз. Жаратылыш менен көчмөн ар дайым шайкеш жашаган. Кыргызстандагы акыркы жолборс оторчулук доорунда, XX кылымдын башында кыргынга учураган. Бул кылмышты келгин оторчулар жүзөгө ашырышкан жана ал түгүл өздөрүнүн кылмыштуу фотолорун мактанып жарыялашкан.

Автомат менен барып кийиктерди опсуз кыргынга учуратуу да илгерки көчмөндөр үчүн ойго да келбес олуттуу кылмыштуу жорук болчу. Жогоруда да бул жаатта айттым.

Жакында Монголиядагы бир илимий жыйында монгол окумуштуусу бир журттан экинчи бир журтка көчкөн арат өз журтун жакшылап тазалап туруп кетет, деп илимий баяндама жасады. Кызыгы, көөдөнүмдө бул баяндамадагы "монгол" сөзүнүн ордуна "кыргыз" сөзүн алмаштырып угуп отурдум. Анткени Теңир-Тоодо, Памирде, Каратегинде, Каракорумда, Алтайда жана башка аймактарда байырлаган ата-бабаларыбыз ар дайым өз конуштарын таза сакташчу; бабаларыбыз тоонун мөлтүр булактарын аруу кармашып, нечендеген арашан суулуу булактарын ыйык санашкан.

Азыркы тапта заманбап туристтерди кызыктырган "глэмпинг" деген өргүү ыкмасы кеңири жайылып жатат.

"Глэмпинг" ("Glamping") сөзү – англисче "көз жоосун алган, жаркыраган, татына" ("glamorous") жана "кемпинг" ("camping", б.а. "өргүү жайы") сөздөрүн ширелтүү аркылуу жаратылган заманбап туристтик термин. Бул сөз алгач 2005-жылы Улуу Британияда жаралган, деген билги (маалымат) бар. (2016-жылы "glamping" сөзү айтылуу "Оксфорд англисче сөздүгүнө" жаңы термин катары кошулган).

Арийне, "глэмпинг" ыкмасынын философиясы жана экологиялык маңызы камтылган көчмө үйлөр Евразиядагы көчмөндөр тарабынан бери дегенде биздин заманга чейинки II миң жылдыктан бери колдонулуп келген, деп даана айта алабыз. Бул, демек, эски доордогу философиялык ой чабыт азыркы доордогу түшүнүгүбүзгө жандуу ширелтилип жатат дегенди туюнтат.

"Глэмпинг" ыкмасы бүгүнкү ажатканалардын экологиялык мыкты шарттарга ылайык сунушталышын, өргүү жайы жайгашкан чөйрөдө экологиялык тең салмактуулукту сактоону, электр кубатынын таза жана натыйжалуу жаңы булактарын (анын ичинде Күн кубатын) пайдаланууну, ошондой эле сууну кайра иштетип, сууга сарамжал мамиле жасоо сыяктуу ыкмаларды өзүнө камтыйт.

Ыраматылык эколог, география Эмил Жапар уулу Шүкүров (1938–2019) жаратылышка аяр мамиле жасоо ураанын өмүр бою чакырып келди. Анын ишин улантып, азыркы мөңгүлөрдү сактоо, кен байлыктарын жапайыларча өздөштүрбөстөн, экологиялык кесепеттердин алдын алуу механизмин түзүү аркылуу өнөр жайды этияттык менен өнүктүрүү чакырыктарын жалпы коомубуз улам-улам көтөрүүсү зарыл.

**- Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары аркылуу биз спортту гана эмес, бүтүндөй бир цивилизацияны көрсөтүп жатабыз. Сиздин оюңузча, дүйнө Кыргызстан аркылуу көчмөн маданиятынын кайсы өзгөчөлүгүн таанып-билиши керек?**

- Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары тууралуу этнограф, профессор Сулайман Кайыпов калыс сөз айтып, бул – Кыргызстандын эл аралык беделин арттыруучу заманбап кадам экендигин баса белгилегендиги мага жакты.

Чындыгында да, бул оюндардын аркасында биз көчмөндүк спорт оюндарын гана эмес, көркөм өнөрдү, заттык жана хаттык эмес маданияттын ар кыл өңүттөрүн, муундардан муундарга сакталып келген элдик оюндардын жана элдик каада-салттардын түрлөрүн жалпы дүйнө коомчулугуна таанытып жатабыз.

Биздин шакиртибиз, этнограф жана фолклор таануучу Назгүл Рысмендеева чүкө оюндары тууралуу илимий эмгегин коргоду. Ал илими менен чектелбестен, жаш муундарга чүкө, ордо оюндарын үйрөтүү усулдарын тынымсыз жайылтып келет.

Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары Ала-Тоодогу дал ушундай адистерге, уздарга, усталарга, ырчыларга, дастанчыларга, бийчилерге, сүрөтчүлөргө, чабендестерге, көп тарамдуу салбуурунчуларга, ашпоздорго өз өнөрүн, устаттык тажрыйбасын жана билимин таанытууга өбөлгө болууда.

Кыргызстан Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары маалында бир эле учурда заманбап өнөр жайы, айыл чарбасы, токой чарбасы жана кооз жаратылышы бар мамлекет жана көп тарамдуу көчмөндүк маданияттын мураскору болгон эркин эли, демократиялык шартта жашаган коому бар өлкө катары дүйнөгө таанылышы керек.

Башканы коёлу, бизде интернет ачык. Демек, Ала-Тоодогу коомубузда эркин ойдун булактарына жасалма чидер, кулпу, бөгөт таңууланган эмес жана мындан ары да таңууланбоого тийиш. Бул жагдай дагы көчмөн маданияттын ачыктыгынын заманбап турмушка ылайык баалуу өзгөчөлүгүнө жатат.

**- Көчмөндөрдүн мурасы өткөндүн тарыхы гана болуп калбашы үчүн аны бүгүнкү жаштарга кандайча жеткирүү керек? Көчмөндүн рухун заманбап кыргыз жашоосунда сактап калуунун жолу барбы?**

- Менимче, расмий таңууланбай, эркин жеткирилген маалымат ар дайым келечектүү болот. Бүгүнкү жаратман жаштарга толук чыгармачыл эркиндик берүү, алардын көчмөндүк рухту заманага шайкеш чагылдыруусуна ар кандай чыгармачыл сынактар жана долбоорлор аркылуу шарт жаратуу абзел.

Биздин эркин жарандык коомубузда бабалардан сактап келген "Манас" эпосу сыяктуу мурастарыбызда камтылган дал ушул рух бар. Аны жаш муундарга астейдил жеткирүүнүн заманбап технологиялык жана көп тилдүү мүмкүнчүлүктөрүн толук пайдалануу керек.

Айтмакчы, азыркы тапта Кыргызстандын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинде ЖОЖдордо "Кыргыз тарыхын" сабак (дарс системасы) катары берүүнү токтотуп салуу сыяктуу зыяндуу сунуштар айтылып жатыптыр. Бул далаалат – Ата журтубуздагы тарыхты, мурасты, көчмөндүк рухтун тарыхын жогорку билимдүү адистерге тааныштыруунун өзгөчө баалуу каналын жоюуга багытталган диверсия катары айыпталышы керек. Бул – жалпы эле тарыхчы адистердин орток оюу деп санайм.

Кыргызстанда кайсы тарап каржылагандыгына жана менчик түрүнө карабастан, бардык мектептерде жана жогорку окуу жайларында Кыргызстандын бийликтери расмий жактырган окуу программасына ылайык "Кыргызстан тарыхы" сабагын милдеттүү өткөрүү зарыл. Бул сабакты өздөштүргөн адистер, кайсы өлкөлөрдөн келишкендигине жана кайсы өлкөгө журт котороруна карабастан, кыргыз элинин тарыхы жана мурасы жаатында орточо жалпылаштырылган таалим алышат. Анан алар өз алдынча кыргыз тарыхын үйрөнгөндөн алда канча байыраак жана мол маалыматка ээ болушуп, Кыргызстандын калкынын ички дүйнөсүн дурус түшүнгөн жана сыйлаган болочокку Алмамбеттерге айланышат. "Жумшак кубат" деген ушул. Кыргыз тили сабагын дагы бардык ЖОЖдордо тиешелүү деңгээлде окутуу зарыл.

Бул – жогорудагы суроонузга карата прагматикалык жооптордун айрымдары гана болуп саналат, бирок өтө маанилүү жоопко жатат. Айтор, өзүбүз да маңкурт болбойлу, өзүбүз менен аралаш жашаган планеталаштарыбызга да өз улутубузду жана маданий баалуулуктарыбызды ар тараптуу таанытууга жагымдуу өбөлгө түзөлү.

**Чынайым КУТМАНАЛИЕВА**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ЭСКЕРҮҮ

# ГИМН МЕНЕН БИРГЕ ЖАҢЫРГАН ЫСЫМ



***Кыргызстандын ар бир салтанатында жаңырган гимн — бир гана мамлекеттик символ эмес, бүтүндөй улуттун жүрөгүнөн чыккан ыйык ураан. Анын ар бир сабында кыргыз жеринин касиети, элдин тарыхы, эркиндикке болгон эңсөөсү жана келечекке болгон ишеними камтылган. Ушул улуу саптардын жаралышына өзүнүн акындык талантын жана мекенчил жүрөгүн арнаган Шабданбек Кулуев — өмүрүн агартууга, өнөрүн элге кызмат кылууга жумшаган залкар инсан. Быйыл арабызда болгондо 85 жашка толмок. Эл мугалиминин ысымы кыргыз элинин гимни менен бирге кылымдарга жаңырып турары талашсыз. Шабданбек Кулуев ондон ашык китептин автору, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гимнинин сөзүнүн авторлорунун бири, Кыргыз Республикасынын эл мугалими, маданиятка эмгек сиңирген ишмер жана башка көптөгөн наам-сыйлыктарга ээ болгон. Эгемендүү Кыргызстандын мамлекеттик гимнин жаратууга Кыргыз эл акыны Жалил Садыков менен бирге катышканы анын өмүрүндөгү эң маанилүү эмгектеринин бири болду. Бирок ал жетишкендиктерине карабай чыгармачылыгын токтотпой, кыргыздын тарыхын, улуу инсандарын, элдин руханий баалуулуктарын даңазалаган чыгармаларды жаратып келди. Залкар инсандын маарекесин утурлай анын замандаштарынын пикирлерин гезит бетине жарыялоону туура көрдүк.***











**Эсенбек МАМБЕТАКУНОВ,**
**академик, профессор, педагогика илимдеринин доктору:**

## “ШАБДАНБЕК КУЛУЕВ ӨЗ РУХУН ӨМҮР БОЮ ЧЫГАРМАЧЫЛЫККА АРНАДЫ”

- Шабданбек Кулуев менен 60 жылга жакын чогуу жүрүп, анын адамдык сапатына, билимге жана чыгармачылыкка болгон умтулуусуна күбө болдум. Студенттик кезден эле сөзгө чечен, тамашакөй, адамдардын мүнөзүн байкай билген өзгөчө сапаттары бар эле. Кийин математика адистигин өздөштүрүп, мугалимдик кесипти аркалап, физика менен математиканы окутту. Мугалимдик кесиптен кол үзбөй, чыгармачылыкка да акындык менен аралашып, ыр, фельетон, аңгеме жана башка чыгармаларды жаратты.

Шабданбек жасалма мүнөзү жок, кандай болсо ошондой көрүнүп, адамдык сапатын бийик туткан инсан эле. Үй-бүлөсүнө камкор ата, достукка бекем жолдош болуп, балдарынын, неберелеринин билим алуусуна өзгөчө көңүл бурду. Анын бүт өмүрү мугалимдикке, чыгармачылыкка, эл-жерге ак кызмат кылууга арналган өмүр болду. Ошондуктан Шабданбек Кулуевдин артында анын эмгеги, чыгармалары жана аны билген адамдардын жүрөгүндө калган жаркын элеси калды.

**Султан РАЕВ,**
**Кыргыз эл жазуучусу, ТҮРКСОЙдун башкы катчысы:**

## “ӨМҮРДӨН ДА УЗАК ЖАШАЙ ТУРГАН МУРАС КАЛТЫРДЫ...”

- Гимн тууралуу ким эмне билет?

Гимн – ар бир элдин улуттук духун, тарыхын жана мамлекеттүүлүгүн камтыган эң башкы символдордун бири. Кыргызстандын мамлекеттик гимни да эгемендүүлүктүн жана суверенитеттин ыйык белгиси катары өзгөчө мааниге ээ. Анын авторлору — залкар композиторлор Калый Молдобасанов, Насыр Давлесов жана талanttуу акындар Жалил Садыков менен Шабданбек Кулуев. Алардын эмгеги мезгил сыноосунан өтүп, кыргыз элинин руханий мурасына айланды.

Шабданбек Кулуев бүткүл өмүрүн билим берүү тармагына арнап, мугалимдик кесип менен акындык өнөрдү айкалыштырган инсан болгон. Анын чыгармаларында туулган жер, мекен, эл жана мекенчилдик идеясы кеңири орун алган. Жөнөкөйлүгү, адамгерчилиги жана айкөлдүгү менен айырмаланган Шабданбек агай Кыргыз Республикасынын эл мугалими деген бийик наамга татыган.

Өмүрү элетте өткөнү менен артында адабий жана руханий баалуулуктарга бай мол мурас калтырган. Анын эң чоң эмгектеринин бири — Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гимнинин текстин жаратууга кошкон салымы. Бул — бир адамдын өмүрүнөн да узак жашай турган, кылымдарга өчпөс улуу мурас.

**Советбек БАЙГАЗИЕВ,**
**Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу, филология илимдеринин доктору, профессор:**

## “НАРКТУУ ИНСАНДЫН ӨЧПӨС ИЗИ”

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гимнинин авторлорунун бири Шабданбек Кулуев - Эл мугалими, акын, педагог катары кыргыздын нарк-насилин терең алып жүргөн асыл инсан эле. Ал көп жыл билим берүү тармагында үзүрлүү эмгектенип, балдардын психологиясын мыкты түшүнгөн тажрыйбалуу мугалим, билим берүүнүн көйгөйлөрүн терең билген агартуучу, тарыхты чечмелеп айтып бере алган даанышман, мыкты ырларды, термелерди жана сатираларды жараткан калемгер катары кесиптештеринин урмат-сыйын алган. Эл мугалими, гимндин авторлорунун бири болгонуна карабай, өзүн жөнөкөй алып жүрүп, адамдык сапаты жана жүрүм-туруму менен да үлгү болгон.

Шабданбек ага өзгөчө нарктуу, терең ой жүгүрткөн, мээримдүү ата жана мекенчил инсан эле. Анын тарыхты билүүсү, кыргыздын ата-тегин терең изилдеп, чечмелеп айтып берүүсү өзгөчө таасир калтырчу. Экөөбүздүн ата-тегибиздин Кулжыгач бабадан биригиши да өзүнчө кызыктуу эскерүү болуп калды. Кулжыгачтай даңктуу бабадан тараган Шабданбек Кулуев да кыргыз элине баалуу мурас калтырып, артында өчпөс из калтырды. Анын аты да, эмгеги да эл эсинде түбөлүк жашайт.

**Сулайман РЫСБАЕВ,**
**Кыргыз эл жазуучусу, педагогика илимдеринин доктору, профессор:**

## “АЙЫЛДЫК МУГАЛИМ — КЫРГЫЗ ГИМНИНИН АВТОРЛОРУНУН БИРИ”

- Менин кичи мекеним — Токтогулдун Сары-Камышы менен Жумгалдын Кызыл-Ой айылы Көкөмерен суусун жээктей жайгашкан, ортосун атактуу Кырк-Кыз ашуусу бөлүп турган эки айыл. Эзелтеден бул айылдардын эли жайлоону чогуу пайдаланып, аш-тойлорун бирге өткөрүп, кыз алып, кыз беришип, эриш-аркак жашап келишкен. Ошол себептен Шабданбек Кулуев аке менен таанышкан күндөн тартып туугандай учурашып, эл-жер, жер аттары, уламыштар тууралуу сүйлөшүп жүрдүк. Мен анын ысымын алгач гезит-журналдардан, өзгөчө кыргыздын атактуу балбаны Кожомкул тууралуу жазган аңгемелеринен таанып билгем.

Кийин Шабданбек Кулуев Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гимнинин авторлорунун бири экенин укканда, баягы Кожомкул тууралуу кызыктуу окуяларды жазган Кызыл-Ойдун жөнөкөй мугалими экенин билдим. Бир жолу балдарым менен Кызыл-Ойго атайын кайрылып, агайдын үйүнө барып учураштык. Шабданбек аке бизди жылуу кабыл алып, эл-жердин тарыхы, Кырк-Кыз, Ат-Сүрөөчү-Тумшук сыяктуу жерлердин аталышы тууралуу кеңири айтып берди. Ошондо анын сөзгө бай, билими терең, элдик нарксалтты мыкты билген, жөнөкөй да салабаттуу инсан экенине күбө болдум. Бала кезимде Зыфар Эгембердиев Абдылас Малдыбаевди бизге тааныштыргандай, мен да бул жолкусунда балдарыма эгемендүү Кыргызстандын гимнинин авторлорунун бири Шабданбек Кулуевди тааныштырдым.

Шабданбек аке да Кожомкул балбан сыяктуу өмүрүн элине арнап, артында өчпөс из калтырды. Бүгүн кыргыздын гимни таң сайын, кеч сайын, расмий салтанаттарда жана дүйнөнүн ар кайсы жеринде жаңырганда, анын калеминен жаралган саптар да кошо жаңырып тургандай сезилет. Анткени бул — улуттук гимндин авторунун элине калтырган түбөлүк мурасы. Шабданбек Кулуев менен Кыргыз эл акыны Жалил Садыковдун калеминен жаралган гимн жаңырган сайын алардын аты да, элеси да жашап, авторлорунун экинчи өмүрү улана берет.

**Каныбек ИМАНАЛИЕВ,**
**Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар союзунун төрагасы, саясат таануу илимдеринин доктору:**

## “ЖӨНӨКӨЙЛҮКТӨН УЛУУЛУК ЖАРАЛГАН...”

- 1991-жылы эгемен Кыргызстандын жаңы гимнин жазууга сынак жарыяланып, ага акын-жазуучулардан тартып мектеп окуучуларына чейин көпчүлүк катышкан. Жыйынтыгында Кыргыз эл акыны Жалил Садыков менен айылдык мугалим Шабданбек Кулуевдин чыгармасы жеңип чыгып, өлкөнүн гимни болуп бекитилген. Белгилүү акын менен катар жөнөкөй айылдык мугалимдин автор болушу кыргыз элинин өзгөчөлүгүн, жөнөкөйлүктөн улуулук жаралыарын көрсөткөн окуя болду.

2010-жылы гимндин текстин өзгөртүү маселеси көтөрүлүп, атайын комиссияга мүчө болгом. Ошондо Шабданбек агай менен таанышып, анын маанайынын оор экенине күбө болдум. Ар кандай жаңы тексттер сунушталганы менен алардын эч бири элге сиңип калган гимндин деңгээлине жеткен жок. Жыйынтыгында гимндин текстин өзгөртүүгө негиз жок деген бүтүмгө келип, анын сөзү да, обону да сакталып калды.

Бүгүн кыргыз гимни — эгемендиктин, эркиндиктин жана элдин келечекке болгон ишениминин символу. Ал ата-бабалардын керээзин, азаттыктын ураанын камтып, кыргыз элин дүйнөгө эркин эл катары таанытып турат. Гимнди жараткан Жалил Садыков менен Шабданбек Кулуевдин эмгеги элдин эсинде түбөлүк сакталууга тийиш.

**Чынайым КУТМАНАЛИЕВА**

КОНКУРСКА

# ЖЕҢИЛДЕТИЛГЕН САЛЫК РЕЖИМИ ИШТЕП ЖАТАТ. АГА КИМДЕР КАТТАЛА АЛАТ?




***Кыргызстанда акыркы жылдары салык тармагы бир топ жаңылыктар менен коштолуп келе жатат. Айрым учурларда салык режимдери өзгөртүлүп, кайра элдин сунуштары эске алынып, орток чечимдер кабыл алынган убакыттар да болду. Аны менен катар мыйзамдар иретке келе баштады. Биз бул сапар сиздерге салык тармагында жаңы пайда болуп, мыйзамдаштырылып, учурда иштеп жаткан жеңилдетилген салык режими тууралуу айтып беребиз.***

*Жакынкы айларда Кыргызстанда «блогерлер салыктан бошотулду» деген кабар тараган. Бул маалымат коомчулукта ар кандай реакция жаратып, талкууга алынган. Бири алар салыкты көп төлөшү керек эле десе, башкалары «блогерлер салык төлөп жүрдү беле?» деген суроолорун узатышты. Биздин макалабызда дал ушул суроого жооп табылат.*

### КРЕАТИВДҮҮ ИНДУСТРИЯЛАР ПАРКЫ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Азыр өлкөдө бизге анчейин тааныш эмес Креативдүү индустриялар паркы (КИП) иштеп жатат. Бул кандай парк? Алгач бул сөздү укканда «Креативдүү индустриялар паркы» атайын имаратпы деген ойго келиши мүмкүн. Бирок бул Кыргызстанда креативдүү индустрия тармагында, башкача айтканда, жаратмандык индустриясында иштеген ишкерлер жана компаниялар үчүн түзүлгөн атайын салыктык-укуктук режим.

Бул паркты түзүүнүн негизги идеясы – кино, дизайн, IT, программалоо, жарнама, архитектура, медиа, музыка, оюн индустриясы жана башка интеллектуалдык продукт жаратуучу бизнести жеңилдетилген шартта иштетүү болгон. Жөнөкөй тил менен айтканда, креативдүү тармакта иштеген бизнести көмүскөдөн чыгарып, мыйзамдуу иштөөгө шарт түзүү жана экономикага реалдуу салым кошууга мүмкүнчүлүк берүү максат кылынган. Мамлекет: «Сенин бизнесиң креативдүү индустрияга кирсе, анда жалпы салык режимине караганда жеңилдетилген шартта иштей аласың» деген механизм түзгөн.

### БУЛ РЕЖИМ КАЧАН ПАЙДА БОЛГОН?

Кыргызстанда креативдүү индустрияларды мамлекеттик деңгээлде өнүктүрүүнүн укуктук негизи 2022-жылы түзүлгөн. Ошол жылы «Креативдүү индустриялар паркы жөнүндө» мыйзам кабыл алынган. Андан кийин Парктын ишин уюштуруу жана резиденттер үчүн өзгөчө режимди ишке киргизүү боюнча иштер жүрүп, Креативдүү индустриялар паркы 2024-жылы иштей баштаган.

Башкача айтканда, бүгүнкү режим бир күндө пайда болгон жок. 2022-жылы мыйзамдык негиз түзүлдү. Белгилей кетүүчү жагдай Креативдүү индустриялар паркы дүйнөдө биринчи жеңилдетиген салык режими болуп эсептелет. 2024-жылы Парк иштей баштады. 2024–2025-жылдары резиденттердин саны көбөйө баштады. Ал эми 2026-жылы резиденттер үчүн салыктык режим дагы жеңилдетилди.

Бул жерде «резиденттер» деген Креативдүү индустриялар паркынын атайын режиминде иштөөгө катталган ишкерлер жана юридикалык жактар деп түшүнсө болот.

Алгачкы жылдары резиденттер үчүн бирдиктүү салык боюнча жеңилдетилген ставка колдонулган. Ал эми 2026-жылдын 1-августунан тартып КИПтин резиденттери үчүн бирдиктүү салыктын ставкасы 0%га түшүрүлдү.

Бул жерде дагы бир маанилүү тактоо бар. 0% бирдиктүү салык деген бардык салыктар нөл болду дегенди билдирбейт. Резиденттер үчүн башка милдеттүү төлөмдөрдүн өзүнчө тартиби бар. Алар ошол тартип менен салык жана башка төлөмдөрдү төлөп турушат.

Биз башта айтып өткөн «блогерлер салыктан бошотулду» деген суроого жоопту да ушул жерден табууга болот. Блогерлерге өзүнчө «салыксыз» статус берилген эмес. Эгер алардын ишмердиги КИПтин уруксат берилген ишмердиктеринин тизмесине туура келип, резидент болуу үчүн коюлган талаптар аткарылса, алар да ушул режимде иштей алышат. Мындай режим эки тарапка тең ыңгайлуу. Мамлекет алардын кирешесин көлөкөдөн чыгарып, реалдуу өсүш кандай болуп жаткандыгын аныктаса, блогерлер үчүн мамлекеттер мыйзамдуу иш алып барып, ошол эле учурда аз салык төлөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат.

### КИПтеги САЛЫК СТАВКАЛАРЫ КАНДАЙ?

КИПтин резиденттери үчүн учурдагы негизги төлөмдөр төмөнкүдөй:

Бирдиктүү салык — 0%.

Киреше салыгы — 5%.

Социалдык фондго төлөм — Бишкек шаарында 5 289 сом.

Аймактарда — орточо айлык эмгек акынын 12%ы.

Мындан тышкары, КИП Дирекциясына 1% төлөм төлөнөт.

Ал эми 2031-жылдын 1-августунан тартып бирдиктүү салыктын ставкасы 1% болот.

Демек, «КИПке киргендер мындан ары эч кандай салык төлөбөйт» деген түшүнүк туура эмес. Жеңилдик негизги салыктардын бири — бирдиктүү салык боюнча берилген. Калган милдеттүү төлөмдөр өзүнчө тартипте сакталат.

### КИМДЕР КРЕАТИВДҮҮ ИНДУСТРИЯЛАР ПАРКЫНА КИРЕ АЛАТ?

Бул жерде «чыгармачылык менен алектенгендердин баары кире берет» деген түшүнүк туура эмес.

Резидент болуу үчүн ишмердик Креативдүү индустриялар паркында белгиленген ишмердик түрлөрүнүн тизмесине кириши керек. Алардын арасында, мисалы, программалык камсыздоону иштеп чыгуу жана IT багытындагы айрым кызматтар, кино, видео жана аудиовизуалдык өндүрүш, музыка жана үн өндүрүшү, дизайн, архитектура, жарнама жана чыгармачыл маркетинг, санариптик контент, анимация, оюн индустриясы, басма жана айрым медиа багыттары, мода, кол өнөрчүлүк жана башка креативдүү багыттар бар.

Чыгармачылык менен байланышкан башка интеллектуалдык жана маданий ишмердиктер да каралган. Бирок бул жерде негизги талаптардын бири – кирешенин кеминде 90 пайызы Парк уруксат берген креативдүү ишмердиктен түшүшү керек.

Демек, мисалы, кадимки соода менен алектенген компания «бизде дагы бир дизайнер бар» деп эле КИПтин резиденти боло албайт. Анын негизги экономикалык ишмердиги креативдүү индустрияга тиешелүү болушу зарыл.

Ошондуктан жеңилдетилген салык режиминен пайдаланам деген ишкер биринчи кезекте өзүнүн ишмердиги КИПтин белгиленген тизмесине кирер-кирбесин жана кирешесинин талап кылынган бөлүгү ошол ишмердиктен түшөрүн эске алышы керек.

### КАТТАЛАМ ДЕГЕНДЕР ҮЧҮН

Креативдүү индустриялар паркынын резиденти болуу үчүн Кыргыз Республикасынын салык резиденти, юридикалык жак же жеке ишкер болушуңуз шарт.

Ишмердүүлүк түрү КИПте белгиленген ишмердик түрлөрүнүн тизмесине ылайык келиши керек. Кирешенин кеминде 90 пайызы көрсөтүлгөн тизмедеги ишмердиктен алынганы маанилүү.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна салыктар жана төлөмдөр боюнча карыз болбошу керек.

Резидент КИП Дирекциясына кирешенин 1 пайызын чейрек сайын төлөөгө макул болушу зарыл.

Мындан тышкары, КИП резиденти каттоодон өткөндөн кийин отчет берүү боюнча талаптар бар.

Эгер акыркы 12 ай ичиндеги кирешенин көлөмү 8 миллион сомдон ашса, резидент өз эсебинен аудит жүргүзүп, жылдык бухгалтердик (финансылык) отчеттуулуктун ишенимдүүлүгү жөнүндө аудитордук корутундуну КИП Дирекциясына берүүгө милдеттүү.

Резидент болууга байланыштуу белгиленген башка талаптар да бар. Ошондуктан КИПке катталууну каалаган ишкерлер үчүн жеңилдетилген салык режими менен катар коюлган талаптарды да алдын ала билүү маанилүү.

### КИПте АЗЫР КАНЧА РЕЗИДЕНТ БАР?

Азыркы эң акыркы маалымат боюнча Креативдүү индустриялар паркында 237 резидент бар. Бул көрсөткүч Парктын расмий реестринде көрсөтүлүп турат.


Алгачкы резиденттер 2024-жылы каттала баштаган. Ошондон бери алардын саны туруктуу өсүп келе жатат. 2026-жылдын январь айынын аягында резиденттердин саны 173 болсо, июль айынын аягында 235ке жеткен. Ал эми акыркы каттоолордон кийин бул көрсөткүч 237ге чыкты.

Демек, 2026-жылдын январь айынан август айына чейин Парктагы резиденттердин саны кыйла өскөн. Маалыматтарга караганда, учурда катталган резиденттердин басымдуу бөлүгү бир нече негизги багытка туура келет. Алардын арасында биринчи орунда IT тармагында иштегендер, андан кийин кино-видео багыты жана жарнама менен байланышкан ишмердиктер турат.

Мындан тышкары, Креативдүү индустриялар паркына музыка, аткаруучулук искусство, дизайн, архитектура, билим берүү, мода жана башка креативдүү багыттарда иштегендер да кошулууда.

Жакында бул паркка ырчылардын жана музыка тармагында иштеген чыгармачыл адамдардын да кошула баштаганы белгилүү болду.

Демек, Креативдүү индустриялар паркы жөн гана «салыкты аз төлөөчү жай» эмес. Бул — Кыргызстанда буга чейин өзүнчө система катары каралбай келген креативдүү тармактагы бизнести мыйзамдуу иштетүүгө, алардын санын көбөйтүүгө жана бул тармактын экономикадагы ордун күчөтүүгө багытталган өзгөчө салыктык-укуктук режим.



(фото)

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

## КЫРГЫЗ ШАХМАТ СОЮЗУНА КАРАШТУУ УЛУТТУК ШАХМАТ АКАДЕМИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Эл аралык класстагы шахматчыларды даярдоо системасын өркүндөтүү, жаштардын интеллектуалдык потенциалын өнүктүрүү үчүн заманбап базаны түзүү, шыктуу спортчуларды системалуу колдоо максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелеринин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** «Кыргыз Шахмат Союзуна караштуу Улуттук шахмат академиясы» мекемесин түзүү жөнүндө «Кыргыз Шахмат Союзу» юридикалык жактардын бирикмесинин демилгеси колдоого алынсын.

**2.** Жогорку спорттук натыйжаларды көрсөткөн спортчуларга, ошондой эле машыктыруучуларга эл аралык мелдештерге жана окуу-машыгуу жыйындарына катышуу, инвентарь сатып алуу жана «Кыргыз Шахмат Союзу» юридикалык жактардын бирикмеси тарабынан белгиленген эрежелерге ылайык кесиптик өнүгүүгө байланышкан башка маселелерди чечүү үчүн сыйлоо түрүндө мамлекеттик колдоо чаралары белгиленсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

1) «Кыргыз Шахмат Союзуна караштуу Улуттук шахмат академиясы» мекемесин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте мамлекеттик каттоону камсыз кылсын;

2) «Кыргыз Шахмат Союзуна караштуу Улуттук шахмат академиясы» мекемесине колдонуудагы мыйзамдарга ылайык уставдык ишин жүзөгө ашыруу үчүн жайлардын акысыз убактылуу пайдаланууга берсин;

3) бул Жарлыктан келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**4.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 3-сентябры, №312***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫНДА ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ЖАРАНДАРДЫ ЖАНА ЖАРАНДЫГЫ ЖОК АДАМДАРДЫ КАТТОО МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын аймагына чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын келишин тартипке салуу максатында, «Тышкы миграция жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8, 10-статьяларына, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды каттоо тартиби 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасына келген чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарда, ошондой эле мейманканаларда келген жери боюнча каттоодон бошотуунун мөөнөтүн көрсөтүү менен чет мамлекеттердин тизмеги 2-тиркемеге ылайык.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 19-декабрындагы №689 «Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды каттоо маселелери жөнүндө» токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 3-сентябрындагы №449 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 19-декабрындагы №689 «Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды каттоо маселелери жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 18-октябрындагы №560 «Транспорт каражаттарын каттоо жана айдоочулук күбөлүктөрдү берүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомунун тиркемесинин 1-пункту;

4) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 19-майындагы №256 «Кыргыз Республикасынын жарандарынын, чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын өздүгүн күбөлөндүрүүчү документтер менен калкты камсыздоо маселелери жөнүндө» токтомунун 5-пункту;

5) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 8-октябрындагы №203 «Чет өлкөнүн жарандыгы бар мекендештердин укуктук абалынын маселелерин жөнгө салуу жөнүндө» токтомунун 3-пункту;

6) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-июнундагы №329 «Кыргыз Республикасынын аймагында калкты каттоо чөйрөсүндө санариптик документтерди киргизүү жана колдонуу маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомунун 2-пункту;

7) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 12-июлундагы №349 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 19-декабрындагы №689 «Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды каттоо маселелери жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтому;

8) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 31-июлундагы №437 «Чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын Кыргыз Республикасынын аймагында жүрүү маселелери жөнүндө» токтомунун 2-пункту;

9) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 7-апрелиндеги №181 «Санариптештирүү, калкты каттоо жана документтештирүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомунун 3-пункту.

**3.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети ушул токтомдон келип чыгуучу чараларды көрсүн.

**4**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 4-сентябры, №600***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МӨҢГҮЛӨРҮН ЖАНА ЫСЫК-КӨЛДҮН ЭКОСИСТЕМАСЫН САКТООНУ КАМСЫЗ КЫЛУУ БОЮНЧА КОШУМЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Айлана-чөйрөнү коргоо, суу ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу, климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу максатында, мөңгүлөрдүн суу ресурстарынын негизги булагы катары стратегиялык маанисин, улуттук жана дүйнөлүк маанидеги объект болуп саналган Ысык-Көлдүн экосистемасын сактоонун зарылдыгын көңүлгө алып, «Ысык-Көл экологиялык-экономикалык тутумун туруктуу өнүктүрүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын мөңгүлөрүн жана Ысык-Көлдү коргоо жана сактоо боюнча фонд (мындан ары – Фонд) түзүлсүн.

**2.** Фонду түзүүнүн негизги максаттары болуп төмөнкүлөр аныкталсын:

1) Кыргыз Республикасынын мөңгүлөрдү сактоо, суу ресурстарын жана Ысык-Көлдүн экосистемасын коргоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатын ишке ашыруу үчүн финансы ресурстарын тартуунун туруктуу эл аралык механизмин түзүү;

2) эл аралык уюмдардын, чет мамлекеттердин, климаттык фонддордун, финансылык институттардын, донордук уюмдардын жана башка өнөктөштөрдүн финансылык ресурстарын тартуу жана топтоо;

3) суу ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу жана коргоо, сууну үнөмдөөчү технологияларды киргизүү, суу ресурстарына мониторинг жүргүзүү, эсепке алуу жана мөңгүлөрдүн деградациясына жана климаттын өзгөрүшүнө байланышкан өзгөчө кырдаалдардын эрте алдын алуу системасын өнүктүрүү чөйрөсүндөгү артыкчылыктуу долбоорлорду каржылоону камсыз кылуу;

4) климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуу, мөңгүлөрдүн деградациясын төмөндөтүү, өзгөчө кырдаалдардын тобокелдиктерин азайтуу жана тоо жана суу экосистемаларынын туруктуулугун камсыз кылуу боюнча долбоорлорду ишке ашырууга көмөк көрсөтүү;

5) мөңгүлөрдү коргоо, климаттын өзгөрүшү жана суу ресурстарын туруктуу башкаруу чөйрөсүндөгү эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү жана Кыргыз Республикасынын демилгелерин илгерилетүү.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети 2026-жылдын 1-октябрына чейинки мөөнөттө:

1) Фонддун уюштуруу-укуктук формасы боюнча сунуштарды иштеп чыксын жана киргизсин;

2) Фонду түзүүнүн жана иштөөсүнүн тартибин, анын ичинде башкаруу системасын, долбоорлорду тандоо жана каржылоо механизмдерин, ошондой эле ачык-айкындуулукка, отчеттуулукка жана аудитке карата талаптарды аныктасын;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ушул Жарлыктан келип чыгуучу чечимдеринин зарыл болгон долбоорлорун даярдасын жана белгиленген тартипте киргизсин;

4) Фонддун мүлкүн түзүүнүн булактарын, анын ичинде эл аралык финансылык уюмдардын, климаттык фонддордун каражаттарын, гранттарды, ыктыярдуу төгүмдөрдү, инвестицияларды жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактарды аныктасын;

5) эл аралык уюмдардын, чет мамлекеттердин, финансылык институттардын жана башка өнөктөштөрдүн Фонддун ишине катышуу маселелерин иштеп чыксын;

6) мөңгүлөрдүн деградациясына жана климаттын өзгөрүшүнө байланышкан өзгөчө кырдаалдарга мониторинг жүргүзүүнүн, эрте алдын алуунун жана тобокелдиктерин азайтуунун механизмдерин Фонддун ишине интеграциялоо маселелерин иштеп чыксын;

7) ушул Жарлыктан келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**4.** Төмөнкүлөр аныкталсын:

1) Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги Фонду түзүү демилгесин ишке ашырууну координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп;

2) Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги Ысык-Көлдүн экосистемасын коргоону координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу орган болуп;

3) Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги Кыргыз Республикасынын мөңгүлөрүн сактоону, мониторинг жүргүзүүнү, изилдөөнү жана коргоону координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу орган болуп.

**5.** Мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына (макулдашуу боюнча), илимий уюмдарга жана башка кызыкдар субъекттерге мөңгүлөрдү сактоого, суу ресурстарын жана Ысык-Көлдүн экосистемасын коргоого багытталган долбоорлорду түзүүгө жана ишке ашырууга катышуу сунушталсын.

**6.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 4-сентябры, №313***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 10-ОКТЯБРЫНДАГЫ №541 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫНДА ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ЖАРАНДАРДЫН ЖҮРҮҮ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

«Тышкы миграция жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын $5^{1}$-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 10-октябрындагы №541 «Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк жарандардын жүрүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк жарандардын жүрүү тартиби жөнүндө жободо:

– 10-пункттун экинчи абзацынын биринчи сүйлөмү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Эсептөө ТМЭБТ автоматташтырылган системасы тарабынан жүргүзүлөт, ошол эле учурда чет өлкөлүк жарандын Кыргыз Республикасынан акыркы жолу чыгуу датасы анын Кыргыз Республикасынын аймагында жүрүүсүнүн мурдагы мезгили аяктаган күн болуп саналат.»;

– 13-пунктта:

алтынчы абзац «Монголиянын» деген сөздөн кийин «, Молдова Республикасынын» деген сөздөр менен толуктaлсын;

төмөнкүдөй мазмундагы онунчу жана он биринчи абзацтар менен толуктaлсын:

«Кыргыз Республикасынын аймагында жүрүүнүн белгиленген мөөнөтүнөн ашып кеткен чет өлкөлүк жарандардын Кыргыз Республикасынын аймагында визасыз (мындай укукту берүүчү документтерди тариздөөсүз) жүрүү мөөнөтүндө кирүүсүнөн баш тартылат.

Кыргыз Республикасынын жарандарынын уруксат берүүчү документтерди тариздөөсүз Кыргыз Республикасынын аймагында жүрүүнүн белгиленген мөөнөтүнөн ашып кеткен чет өлкөлүк жарандар же жарандыгы жок адамдар болуп саналган үй-бүлө мүчөлөрүнө (жубайына, жашы жете элек балдарына) туугандыгын документ түрүндө ырастаган учурда уруксат берүүчү документтерди тариздөө аркылуу укуктук статусун легалдаштыруу максатында кирген күндөн тартып 30 жумуш күндүн ичинде бир жолу кирүүгө укук берилет.»;

– 24-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«24. Кыргыз Республикасынын аймагында белгиленген мөөнөттөн ашык жүргөн чет өлкөлүк жаран Кыргыз Республикасынын тышкы миграция чөйрөсүндөгү мыйзамдарында белгиленген тартипте Кыргыз Республикасында жашап турууга уруксатты тариздөө үчүн кайрылууга укуктуу.»;

– 25-пункт күчүн жоготту деп таанылсын.

**2.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 7-сентябры, №602***

ҮЙ-БҮЛӨ ЖАНА КООМ

# КИТЕП ОКУУ – РУХАНИЙ МУУНДУ ТАРБИЯЛООНУН БАШАТЫ

***“Коомду өзгөртөбүз” деп көп айтабыз. Бирок коомду түзгөн адам бир үй-бүлөдө тарбияланарын көп учурда унутуп коёбуз. Ал эми үй-бүлөнүн руханий дүйнөсүн калыптандырган негизги баалуулуктардын бири китеп экени да талашсыз чындык.***




Үй-бүлө жана коом, бул бири-биринен ажырагыс түшүнүк. Коомдун бүгүнкү жүзү, кечээги үй-бүлөлүк тарбиянын, ал эми эртеңки коомдун жүзү, бүгүнкү үй-бүлөдө калыптанып жаткан баланын дүйнө таанымынын күзгүсү. Ошондуктан коомдун маданияты, адеп-ахлагы, руханий деңгээли тууралуу сөз кылганда, эң оболу үй-бүлөгө кайрылууга туура келет. Ал эми үй-бүлөнүн руханий дүйнөсүн калыптандырууда көркөм адабияттын орду өзгөчө. Китеп жөн гана кагазга түшүрүлгөн сөздөрдүн жыйындысы эмес. Ал адамзаттын эс тутуму, тажрыйбасы, акыл-эси, кайгысы менен кубанычы, жаңылыштыгы менен андан алган сабагы топтоштурулган руханий казына. Бала китеп окуу аркылуу өзү жашап жаткан мезгил менен гана эмес, өткөн доорлор, башка адамдардын тагдырлары, башка коом жана башка дүйнө менен да сүйлөшүп, кабардар боло баштайт.

Ошондуктан үй-бүлөдө ата-эненин, балдардын китеп окуусу баланын интеллектуалдык гана эмес, адеп-ахлактык жана руханий жактан мыкты калыптануусуна түздөн-түз таасир эткен маанилүү фактор. Китеп окуган үй-бүлө, руханий алакада баарлашкан үй-бүлө. Үйдө ата-эне китеп окуса, бала үчүн китеп өзүнчө бир бөтөн дүйнө болуп көрүнбөйт. Ал күнүмдүк жашоонун табигый бөлүгүнө айланат. Балага «китеп оку» деп миң жолу айтканга караганда, анын көз алдында атасы же апасы кечинде китеп окуп отурганы көбүрөөк таасир берет. Анткени бала биринчи кезекте сөздөн эмес, ата-энеси көрсөткөн үлгүдөн таалим-тарбия алат. Үй-бүлөдө бир чыгарманы чогуу окуп, анын каармандары тууралуу пикир алышуу да өзгөчө тарбиялык мааниге ээ. «Бул каарман эмне үчүн мындай иш кылды?» «Сен анын ордунда болсоң эмне кылмаксың?» «Анын кылган иши туурабы?» «Бул окуя сага кандай таасир берди?» деген суроолор баланын өз алдынча ой жүгүртүүсүн өстүрөт. Үйдө баары биргеликте китеп окуу жеке адамдын жалгыз аракети эмес, үй-бүлөлүк руханий баарлашуунун мыкты формасына айланат.

Ал эми бүгүн көп үй-бүлөлөрдө ата-эне менен баланын ортосундагы сүйлөшүү акырындап тиричилик маселелерине гана тиешелүү болуп баратканы жашыруун эмес. «Сабагыңды окудуңбу?» «Тамак ичтиңби?», «Кайда барасың?», «Телефонду көп караба, ден-соолукка зыян!..» деген сыяктуу күнүмдүк буйруктуу-суроолор көп, ал эми баланын ички дүйнөсүн козгогон маңыздуу баарлашуу аз. Көркөм адабиятты окуу дал ушул боштукту толтура алат. Китеп окубаган бала сөзсүз эле билимсиз болуп калат деп айтуу туура эмес. Ал интернеттен, видеолордон, социалдык тармактардан, башка маалымат булактарынан көп нерсе үйрөнүшү мүмкүн. Бирок, маалымат менен руханий тажрыйбанын айырмасы бар. Кыска видеолор тез маалымат алууга мүмкүндүк берет, социалдык тармак тез реакция жасоого үйрөтөт, ал эми көркөм чыгарма адамды доордон-доорго алып барат, ойлонтот, каармандын ички дүйнөсүнө киргизет. Китеп окуган адам башка бирөөнүн кайгысын өз кайгысындай сезүүгө, анын абалын түшүнүүгө аракет кылат. Мына ушул жерден адамдын эмпатиясы, башкача айтканда, өзгөнүн абалын түшүнө билүү жөндөмү калыптанат. Мисалы, бир жакшы роман бизге «боорукер бол» деп түздөн-түз буйрук бербейт. Бирок, каармандын трагедиясын сүрөттөө менен боорукерликтин маанисин жүрөккө жеткирет. Адабияттын күчү мына ушунда. Ошондуктан адабияттан алыстоо, китептен гана алыстоо эмес. Ал акырындык менен терең ойдон, сабырдан, элестетүүдөн, тил байлыгынан, тарыхый эс-тутумдан жана адамдын ички дүйнөсүн түшүнүүдөн алыстоого алып келет.

Бүгүнкү үй-бүлөнүн алдында мурда болуп көрбөгөн “смартфон” деген чоң атаандаштык бар. Албетте телефонду таптакыр жаман нерсе катары кароо туура эмес. Андан билим алууга да, китеп окууга да, дүйнөлүк маалыматка бат жетүүгө да болот. Маселе заманбап, жаңы технологияда эмес, аны колдонуу маданиятында. Бала күнүнө бир нече саат экран карап, бирок бир нече бет көркөм чыгарма окубай калса, анын маалымат кабыл алуу маданияты өзгөрөт. Ал тез, кыска, жеңил кабыл алынган маалыматка көнөт. Натыйжада узак текстке, терең ойго, татаал сюжетке, каармандын психологиясын аңдоого чыдамы жетпей калышы мүмкүн. Бул жерде чоңдордун жоопкерчилиги өзгөчө. Баланы «телефонуңду кой» деп тыюу салуу оңой. Бирок анын ордуна «мына бул китепти оку» деп кызыктуу альтернатива сунуштоо кыйыныраак. Демек, маселенин чечилиши тыюу салууда эмес, китепти бала үчүн кызыктуу руханий муктаждыкка айланта алууда.

Бүгүнкү биздин коомдо адабияттын орду абдан чоң. Анткени кыргыз адабияты аркылуу кийинки муун элибиздин тарыхын, дүйнө таанымын, салтын, тилин, мүнөзүн, арманын жана үмүтүн тааныйт. «Манас» эпосу баштаган элдик оозеки чыгармачылыктар. Океандай терме-санаттарын калтырып кеткен төкмө акындар, Аалы Токомбаев, Алыкул Осмонов, Мидин Алыбаев, Жоомарт Бөкөнбаев, Чыңгыз Айтматов, Төлөгөн Касымбеков, Жолон Мамытов, Турар Кожомбердиевдер баштаган залкарлардын чыгармалары, улуттук руханий дүйнөнүн эсепсиз катмарларын камтыган зор мурас. Дүйнөлүк адабият менен катар кыргыз адабиятынын кыл калемгерлеринин чыгармаларын окуган бала адам менен адамдын, адам менен табияттын, адам менен коомдун, абийир менен жоопкерчиликтин ортосундагы мамилелер тууралуу ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Адабиятты окуу, өткөндү гана билүү эмес, өзүңдүн ким экениңди түшүнүүгө жасалган кадам. Эгер үй-бүлөдө бала эне тилиндеги көркөм чыгармаларды окубай чоңойсо, анын улуттук маданий тамыры менен байланышы да алсырайт.

Адабияттан алыстаган муун кайда барат? Албетте бул суроого бир жактуу жооп берүү мүмкүн эмес. Бирок китеп окуу маданияты начарлаган коомдо терең ой жүгүртүү маданияты да алсыроо коркунучуна туш болору анык. Андай коомдо адамдар көбүнчө окуянын өзүнө эмес, анын үстүрт көрүнүшүнө баа бериши мүмкүн. Кыска пикир узак ойдун ордун басат. Ушак маалыматтын ордун ээлейт. Стереотип аналитикалык талдоону сүрүп чыгарат. Катуу кыйкырык жүйөлүү аргументтен күчтүү көрүнүп калат. Мындай көрүнүштөрдүн айрым белгилерин бүгүнкү коомдук мейкиндиктен көрүүгө болот. Социалдык тармактарда адамдар бир нерсени толук окубай туруп пикир билдирет. Маалыматтын булагын текшербей туруп ишенет. Кимдир бирөөнү тааныбай, жасаган ишин билбей туруп айыптайт. Бир сүйлөм менен бүтүндөй бир адамга, бир чыгармага баа берет. Булардын баарын түздөн-түз «китеп окубагандыктан» деп түшүндүрүү туура эмес. Бирок китепти терең окуу жана терең ой жүгүртүү маданиятынын төмөндөшү мындай көрүнүштөрдү күчөтөрү талашсыз.

Ар бир үй-бүлө үйүндө чогуу китеп окууну жандандыруусу керек. Маселе балдарды китеп окууга мажбурлоодо эмес. Мажбурлап окутуу, баланын китепке болгон кызыгуусун жоготуп коюшу мүмкүн. Эң биринчи, ата-эне өзү үлгү болушу керек. Анан, баланын жашына жана кызыгуусуна ылайык чыгарма тандалышы зарыл. Балага анын дүйнөсүнө түшүнүксүз, оор китепти карматуу менен балага «китеп окууну» сүйдүрүү мүмкүн эмес. Үйдө китеп тууралуу сүйлөшүү салтын түзүү ар бир үй-бүлө үчүн зарыл. Үйдө телевизор, телефон, социалдык тармактар жөнүндө сүйлөшүлгөндөй эле, окуган китеп тууралуу да пикир алышуу кадимки көрүнүшкө айланышы керек. Анан да китепти белекке берүү маданиятын жандандыруу, туулган күндө же майрамда балага кийим, оюнчук, гаджет менен катар жакшы китеп берүү, анын руханий дүйнөсүн байытууга жасалган инвестиция экенин унутпашыбыз керек. Эң негизгиси, балага китептин баасын түшүндүрүү эмес, китептин адам жашоосун өзгөртө аларын сездирүү зарыл.

Ар бир коомдун өзүнүн руханий иммунитети болот. Ал иммунитет билимден, тарыхый эс-тутумдан, маданияттан, тилден, искусстводон жана адабияттан куралат. Ал эми бул баалуулуктардын биринчи мектеби, үй-бүлө. Коомдун руханий иммунитети үй-бүлөдөн башталат. Мектеп билим берет, китепкана китеп сунуштайт, мугалим багыт берет. Бирок баланын китепке болгон мамилесинин пайдубалы көп учурда үй-бүлөдө түптөлөт. Эгер ата-эне «балам китеп окуса экен» деп тилек кылса, анда биринчи, «мен өзүм китеп окуп жатамбы?» деген суроону өзүнө коюшу керек. Анткени балага айтылган миң сөздөн ата-эненин көрсөткөн бир жакшы үлгүсү күчтүү таасир берет. Бүгүн үй-бүлөдө китеп окуу салтын сактоо жөн гана маданий иш эмес, келечек муундун ой жүгүртүүсүнө, тилине, дүйнө таанымына, адамдык сапаттарына салынган инвестициялык колдоо.

“Адабияттан алыстаган муундун келечеги сөзсүз караңгы болот” деп айтуу аша чапкандык. Бирок адабияттан ажыраган муун өзүнүн руханий багытын издөөдө бир топ кыйналары анык. Ошондуктан үй-бүлөдө китептин кадыр-баркын ата-эне көтөрүүсү зарыл. Китеп, ар бир үйдүн текчесинде чаң басып турган буюм эмес, үй-бүлөнүн руханий азыгы болушу керек. Ата-эне менен баланын ортосунда китеп тууралуу сөз жүрүп, окуп жаткан чыгарманын автору, андагы каармандары талкууланып, ырлардын саптары жатталып, бир чыгарманын тагдыры үй-бүлөнүн кечки маегине айланган күнү ошол үйдө руханий жашоо башталат. Анткени китеп окуган үй-бүлөдө сөз эле эмес, терең ой жүгүртүү жөндөмү өсөт. Ой өсүп, жетилген жерде түшүнүү пайда болот. Түшүнүү бар жерде сабырдуулук жаралат. Сабыр бар жерде маданият болот. Ал эми маданияттуу үй-бүлөлөрдөн маданияттуу коом калыптанат. Демек, коомду өзгөртүү алыстан башталбайт. Ал ар бир үйдүн төрүндөгү китеп текчесинен, ата-эненин колундагы китептен, анан да ата-энесинен үлгү алган баланын ошол китепке сунулган колунан башталат.

Коомду руханий жактан жаңыртуу, маданияттуу, терең ой жүгүрткөн, боорукер жана жоопкерчиликтүү муунду тарбиялоо үй-бүлөдөн башталат. Ал эми үй-бүлөнүн руханий пайдубалын бекемдөөдө китеп өзгөчө орунду ээлеп турат. Китеп окуу, баланы жөн гана билимдүүлүккө жеткирүү эмес, аны жалпы адамзатты түшүнө билген, өзүн тааный алган, улуттук баалуулуктарын урматтаган, дүйнөгө кеңири көз караш менен караган инсан катары калыптандыруунун мыкты жолу. Ошондуктан бүгүн ар бир ата-эне өзүнө, «балам китеп окуйбу?» дегенден мурда «мен өзүм китеп окуп, ага үлгү болуп жатамбы?» деген суроону коюшу керек. Анткени китептин ачылган ар бир барагы баланын дүйнөсүнө ачылган жаңы терезе, ал эми ошол терезелерден кирген жарык эртең бүтүндөй коомдун руханий жүзүн өзгөртө алат. Коомду өзгөртүү бийик трибуналардан айтылган ураандардан эмес, үйдүн төрүндө отуруп китеп окуган ата-энеден, китепке кызыгып өскөн баладан жана руханий баалуулукту муундан муунга өткөрүп келаткан үй-бүлөдөн башталат.

**Бахпурбек АЛЕНОВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

АКТУАЛДУУ МАЕК

*Жакында эле Тоң районунун 90 жылдык маарекеси мамлекеттик деңгээлде зор салтанат менен белгиленди. Тоң райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Бактыбек Арапбаевич Осмонов менен райондун ийгиликтери тууралуу маектештик.*



## Тоң районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Бактыбек ОСМОНОВ:

# «ТОҢДУН ӨНҮГҮҮСҮ – МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРДҮ ТУУРА ПАЙДАЛАНУУ»

**– Бактыбек Арапбаевич, районду жетектеп баштаганыңызда алдыга кандай негизги милдеттерди койдуңуз эле? Алар канчалык деңгээлде аткарылды?**

– Районду башкарууда биринчи кезекте анын реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн жана чечүүнү талап кылган маселелерди туура аныктоо маанилүү деп эсептейм. Тоң району – айыл чарбасы, туризм, энергетика, өндүрүш жана адамдык потенциалы бар аймак. Ошондуктан негизги милдет экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу менен бирге калктын жашоо шартын жакшыртууга багытталган иштерди системалуу жүргүзүү болду.

2026-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыктары боюнча райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө оң динамика сакталды. Бир катар тармактарда пландуу көрсөткүчтөр аткарылып, айрым багыттарда өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу кыйла өсүш камсыздалды.

Бирок, башкарууда жетишкендиктерди гана санап коюу туура эмес. Кайсы маселе чечилди, кайсы жерде көйгөй калды, эмне үчүн калды жана аны чечүү үчүн кийинки кадам кандай болот – ушул суроолорго жооп берүү маанилүү.

Мисалы, экономикада өсүш бар. Бирок, айрым ишканаларда заказдардын азайышынан улам өндүрүш төмөндөдү. Айыл чарбасында айдоо иштери аткарылды, бирок күйүүчү-майлоочу материалдардын кымбатташы көйгөй бойдон калууда. Мамлекеттик фонддун жерлеринин бир бөлүгү дагы деле пайдаланылбай турат. Саламаттык сактоо тармагында медициналык жабдуулар жаңыланып жатканы менен дарыгерлердин жетишсиздиги бар. Демек, алдыбызда чечиле турган милдеттер жетиштүү. Биз үчүн негизги принцип – көйгөйдү жашырбай, аны чечүүнүн жолун издөө.

**– Эгер сизден бүгүн райондук администрациянын ишинин үч негизги натыйжасын атаңыз дешсе, эмнелерди биринчи орунга коёт элеңиз?**

– Биринчи орунга экономикалык активдүүлүктүн жана бюджеттик мүмкүнчүлүктөрдүн өсүшүн коймокмун.

2026-жылдын биринчи жарым жылдыгында райондо өнөр жай продукциясынын көлөмү 275,4 млн сомду түздү. Бул өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 60,7 млн сомго көп. Өнөр жайдын өсүү темпи 128,3 пайызды түздү.

Экинчи маанилүү натыйжа – бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы. Жалпы бюджеттин киреше планы 177 млн 319,8 миң сом болсо, иш жүзүндө 190 млн 596 миң сом түшүп, план 107,5 пайызга аткарылды. Пландан 13 млн 276,2 миң сом ашыкча киреше камсыздалды.

Үчүнчү багыт – инфраструктуралык жана социалдык объектилерди өнүктүрүүгө багытталган инвестициялар. Биринчи жарым жылдыкта районго 1 млрд 353,1 млн сом инвестиция тартылып, өткөн жылга салыштырмалуу 63,3 млн сомго көбөйдү.

Бирок, бул жерде дагы бир маанилүү нерсе бар. Мен үчүн инвестициянын көлөмү эле башкы көрсөткүч эмес. Ал инвестиция районго эмне берди – жаңы объектпи, жумуш ордубу, кызмат көрсөтүүнүн сапатыбы, өндүрүштүн өсүшүбү – натыйжа ушундан көрүнүшү керек.

**– Сиз экономикалык өсүштү биринчи орунга койдуңуз. Бирок, район тургуну үчүн 275 млн сомдук өнөр жай продукциясы эмнени билдирет? Экономикалык статистиканы жөнөкөй жаран кандай сезиши керек?**

– Бул абдан маанилүү суроо. Экономикалык статистика өзүнчө жашабайт. Анын артында адамдардын эмгеги турат. Райондогу өнөр жай өндүрүшү 10 чакан ишкана, 4 муниципалдык ишкана жана жеке ишкерлер тарабынан камсыздалууда. Өндүрүш көлөмүнүн 77,4 пайызы ишканаларга, 18,7 пайызы жеке ишкерлерге, 3,7 пайызы муниципалдык ишканаларга туура келет. Мисалы, «Оттук Агропитомник» ЖЧКсы отчеттук мезгилде 148,6 млн сомдук продукция өндүргөн. Жеке ишкерлердин өндүрүш көлөмү 51,7 млн сомду түздү. Мунун мааниси – өндүрүш бар, адамдар иштеп жатат, бюджетке киреше түшүүдө, экономикалык байланыштар түзүлүүдө.

Бирок, биз өзүбүзгө «өсүш бар экен» деп эле токтоп калбашыбыз керек. Айрым ишканаларда заказдардын жоктугунан өндүрүш токтогон учурлар бар. «Бугу-Жак» жана «Алиим» ишканалары отчеттук мезгилде өндүрүш жүргүзгөн эмес. «Актис и Ко» жана «Преобразователь» ишканаларында заказдардын азайышы өндүрүш көлөмүнө таасир эткен. Демек, биздин кийинки милдет – иштеп жаткан өндүрүштү сактоо, жаңы өндүрүштөрдү тартуу жана рынок маселесин чечүүгө шарт түзүү.

**– Сиз айткан долбоорлордун айрымдарында көйгөйлөр да бар экен. Мисалы, Тогуз-Булактагы көчөнү асфальттоо долбоору эки жолу мамлекеттик сатып алууга чыгарылып, катышуучу болгон эмес. Мындай учурларда жергиликтүү бийликтин жоопкерчилиги кандай?**

– Ар бир долбоордун өзүнүн шарттары болот. Бирок, кандай гана себеп болбосун, эл күтүп жаткан долбоордун токтоп калышына жол берилбеши керек. Тогуз-Булак айылындагы Болот Мырзамамбетов көчөсүн асфальттоо долбоору мамлекеттик сатып алууга эки жолу чыгарылган, бирок катышуучу болбогондуктан түз келишим түзүү жолу менен ишке ашыруу каралууда. Кара-Коо айылындагы мектептин спорт аянтчасы боюнча долбоордук-сметалык документтер кайра иштелип жатат. Бул мисалдардан биз дагы бир жыйынтык чыгарышыбыз керек: долбоорду даярдоодо анын техникалык, каржылык жана уюштуруучулук жагын алдын ала так эсептөө зарыл.

Мен үчүн жоопкерчилик – долбоорду тизмеге киргизүү эмес, аны иш жүзүндө бүтүрүү.

**– Дыйкандын өз мүмкүнчүлүгү чектелүү болгон шартта каржылоонун жеткиликтүүлүгү маанилүү. Райондо айыл чарбасын каржылоо боюнча кандай мүмкүнчүлүктөр бар?**

– «Айыл чарбасын каржылоо–14» долбоору аркылуу райондогу 106 фермерге жалпы 97 млн сом насыя берилди. Анын ичинен талаачылыкка 15 фермер 7,9 млн сом, мал чарбачылыгына 81 фермер 48,6 млн сом алган. Техника лизинги боюнча 9 алуучуга 11,4 млн сом, мал чарба лизинги боюнча 3 алуучуга 5,6 млн сом берилди. Бул каражаттар өндүрүштү кеңейтүүгө шарт түзөт.

Бирок, келечекте айыл чарбасын каржылоо менен эле чектелбестен, кооперацияга, кайра иштетүүгө жана өндүрүлгөн продукциянын кошумча наркын көбөйтүүгө басым жасоо зарыл деп эсептейм.

**- Айыл чарбасын айтканда сөзсүз суу маселесине келебиз. Тоң үчүн суу маселеси канчалык стратегиялык мааниге ээ?**

– Суу маселеси – Тоң району үчүн түздөн-түз экономикалык маселе. Айдоо аянты бар, дыйкан бар, техника бар, бирок суу жетишсиз болсо айыл чарбасынын потенциалын толук пайдалануу мүмкүн эмес. Ошондуктан, ирригациялык инфраструктураны жаңылоо – биздин негизги милдеттердин бири. 2026-жылга Тоң райондук суу чарба башкармалыгы тарабынан капиталдык оңдоо иштерине 20 млн 93,4 миң сом каралган. 1-июлга карата республикалык бюджеттен 16 млн 517,1 миң сом каржыланып, план 82 пайызга аткарылган. Жалпы иштеринин көлөмү 6 млн 567,9 миң сомду түздү. Жал-Арык каналын реконструкциялоо өзгөчө маанилүү. 2025-жылы башталган долбоордун алкагында 1 300 метрге бетон төшөлгөн. 2026-жылы дагы 2 700 метрге бетон полотно төшөлдү. Натыйжада бүгүнкү күнгө чейин жалпы 4 миң метрге, же 15 960 чарчы метр аянтка бетон төшөлүп, аткарылган иштердин жалпы суммасы 31 млн 597,578 миң сомду түздү. Мындан тышкары, башка каналдарды тазалоо, лотокторду алмаштыруу, бетон жана оңдоо иштери жүргүзүлүүдө.

**– Райондо суу сактагычтар боюнча да ири долбоорлор жүрүп жатат. Бул объектилер ишке киргенде кандай өзгөрүү болот?**

– Суу сактагычтардын мааниси абдан чоң. Үч-Коргон суу сактагычы 4,3 млн куб метр суу топтоого ылайыкталган. Курулуштун даярдыгы 95 пайызга жетти. Учурда дамбаны көтөрүү жана тескери фильтр үчүн таш төгүү иштери жүргүзүлүүдө. Чокмор-Ата суу сактагычынын сыйымдуулугу 1,4 млн куб метр. Учурда өсүмдүк катмарын алуу, дамбаны көтөрүү жана суу чыгаруучу курулмаларды куруу иштери жүргүзүлүп, даярдык 38 пайызды түзүүдө. Бул долбоорлорду жөн гана курулуш объектиси катары карабоо керек. Алардын негизги мааниси – суу ресурстарын топтоо жана айыл чарбасындагы туруктуулукту жогорулатуу.

**– Тоң районунда 1 млрд 353,1 млн сом инвестиция тартылганы айтылды. Инвестор үчүн Тоңдун негизги артыкчылыгы эмнеде?**

– Тоңдун артыкчылыгы – анын мүмкүнчүлүктөрүнүн көп тармактуу экенинде. Айыл чарбасы, туризм, энергетика, инфраструктура, социалдык объектилерди өнүктүрүү багыттарында мүмкүнчүлүктөр бар.

2026-жылдын алты айында районго 1 млрд 353,1 млн сом инвестиция тартылды. Анын ичинде республикалык бюджеттен 228,1 млн сом, чет өлкөлүк гранттардан 21,1 млн сом, ишканалардын өз каражаттарынан 903,8 млн сом жана жеке инвестициялардан 125,8 млн сом тартылган.

Бүгүнкү күндө бир катар ири долбоорлор ишке ашууда. Мисалы, Бөкөнбаев айылындагы таза суунун башкы курулмасын куруу долбоорунун наркы 97,2 млн сом болуп, аткарылышы 80 пайызга жетти. Ушул эле аймактагы таза суу долбоорунун наркы 184 млн сом, курулуш иштери жүрүүдө. Тоң айылындагы 350 орундуу мектептин долбоордук наркы 146 млн сом болуп, аткарылышы 10 пайызды түзөт.

Болот Мамбетов айыл аймагында Чокмор-Ата суу сактагычы, Көк-Сайдагы 275 орундуу мектеп, Ак-Сайдагы таза суу системасы боюнча иштер жүрүп жатат.

Ак-Теректе, Тогуз-Булактагы бала бакча, Ала-Баш жана Комсомол мектептери боюнча долбоорлор ишке ашууда. Улахолдо Шор-Булак бала бакчасы жана Кара-Талаа жаңы мектеби боюнча иштер жүрүүдө. Биз үчүн негизги маселе – ушул долбоорлордун сапатын жана өз убагында бүткөрүлүшүн камсыз кылуу.

**– Билим берүүдө өлкө масштабында чоң реформа – 12 жылдык билим берүү системасына өтүү жүрүп жатат. Тоң районунун мектептери буга канчалык даяр?**

– Райондо 27 мектеп иштейт. 2025–2026-окуу жылында 505 класс-комплектте 10 790 окуучу билим алып, 821 педагогикалык кызматкер эмгектенди. 12 жылдык билим берүү системасына өтүү алкагында 274 педагогикалык кызматкер атайын окуулардан өттү. Алардын арасында башталгыч класстардын, табигый-илимий багыттагы, англис

тилинин, математика предметтеринин мугалимдери жана директорлордун орун басарлары бар. 273 мугалим окуу программалары жүктөлгөн ноутбуктар менен камсыз болду. 1–2-класстар 12 жылдык билим берүүнүн жаңы стандарты боюнча, 5-класстар интеграцияланган программа боюнча билим алышты. Ошондой эле бардык мектептердин 1–2-класстары Кембридж методикасынын негизинде даярдалган окуу китептери менен камсыздалды.

Бул реформа мугалимден да, мектептен да жаңыча мамилени талап кылат. Ошондуктан педагогдордун квалификациясын жогорулатуу иштерин улантуу зарыл.

**– Мектепке чейинки билим берүүдө да өсүш бар экен. Бул багытта кандай иштер жасалды?**

– Мектепке чейинки билим берүү баланын келечектеги билим алуусунун негизи болуп саналат. Бүгүн райондо 17 мамлекеттик жана муниципалдык, 12 кыска мөөнөттүү бала бакча, бир үй тибиндеги, бир ваучердик бала бакча жана 11 эрте өнүктүрүү борбору иштеп жатат. Жалпы 2 678 бала мектепке чейинки билим берүү менен камтылган. 1–6 жаштагы балдардын саны 4 400 болсо, камтуу 60,8 пайызды түздү. Өткөн окуу жылына салыштырмалуу камтуу 16,9 пайызга өстү. Бул жакшы динамика. Бирок, максат – мүмкүн болушунча көбүрөөк баланы сапаттуу мектепке чейинки билим берүү менен камсыз кылуу.

**– Ал эми кесиптик билим берүүдө район үчүн кандай мүмкүнчүлүк бар? Айрыкча жаштарды жумуш рыногуна даярдоо маселеси курч турат эмеспи...**

– Тоң районундагы №81 кесиптик лицей бул багытта маанилүү роль ойнойт. 2025–2026-окуу жылында лицейде жети багыт боюнча 234 окуучу билим алып, 107 окуучу окуусун аяктады. Бул жерде айыл чарба өндүрүшүнүн устаты-фермер, тикмечи, электр жана газ менен ширетүүчү, ашпозчу-кондитер, маалыматтык-коммуникациялык технологиялар боюнча адис, электр монтаждоочу жана автослесарь сыяктуу кесиптер окутулат. 2026-жылдын алты айында 73 жумушсуз жаран кесиптик окуудан өттү. Бирок, бул жерде дагы бир резерв бар. Бүгүнкү күндө туризм тармагына адистерди даярдоого өзгөчө көңүл буруу зарыл. Мисалы, лицейде ачылган «Гид коштоочу» адистигине өткөн окуу жылында бир дагы окуучу кабыл алынган эмес. Бул бизге кесиптик билим берүү менен эмгек рыногунун талабын жакындатуу керек экенин көрсөтөт.

**– Саламаттык сактоодо кандай негизги өзгөрүүлөр болду?**

– Райондогу үй-бүлөлүк дарыгерлер топторуна 41 005 адам катталган. 2026-жылдын 1-июлуна карата 37 959 адам, же 92,5 пайыз калк милдеттүү медициналык камсыздандыруу менен камтылган. Өткөн жылы бул көрсөткүч 91,3 пайыз болгон.

Медициналык жардамга кайрылуулардын саны да өстү. Алты айда дарылоо-алдын алуу мекемелерине 27 637 жаран кайрылган, бул өткөн жылга салыштырмалуу 5 782 адамга көп. Үй-бүлөлүк дарыгерлерге кайрылгандардын саны 23 835 болуп, 5 366 адамга өскөн. Материалдык-техникалык база боюнча да иштер бар. 11-майда Ысык-Көл өнүктүрүү фонду аркылуу 7 млн 999,4







миң сомго курулган тиш дарылоо эмканасынын жаңы имараты пайдаланууга берилди. Бар-Булак айылында сметалык баасы 4 млн 700 миң сом болгон ФАПтын имараты ачылды. Бөкөнбаев айылындагы ҮДТ имаратынын курулушу 90 пайызга аяктады. Бирок, чечиле элек маселе да бар. Бүгүнкү күндө райондук жалпы дарыгерлик практика борборунда 12 дарыгер жетишпейт. Быйыл эки дарыгер жумушка кабыл алынды. Жаш дарыгерлерди тартуу жана кармап калуу үчүн турак жай маселесин чечүүгө аракеттер көрүлүүдө.

**– Туризмди Тоңдун экономикалык келечегинин негизги багыттарынын бири деп айтууга болобу?**

– Ооба. Тоңдун туристтик потенциалы чоң. Бүгүн район боюнча 72 туристтик объект катталган. Алардын арасында 7 пансионат, 2 жылуу булак, 57 конок үйү жана 6 боз үй шаарчасы бар. Бирок, туризмди биз туристтердин саны менен гана баалабашыбыз керек. Турист райондон кандай таасир менен кетет – бул маанилүү.

Тазалык, коопсуздук, жол, санитардык шарт, тейлөө маданияты жана жаратылышты сактоо биридиктүү система болушу керек. Бүгүнкү күндө 46 туристтик объект «Тазалык» муниципалдык ишканасы менен таштанды чыгаруу боюнча келишим түзгөн. 65 туристтик объектте саркынды сууларды тазалоочу биологиялык курулмалар орнотулган. Туристтик мезгилде коомдук коопсуздукту камсыздоого жалпы 59 кызматкер тартылган. Бул иштердин баары туризмдин сапатын жогорулатууга багытталган.

**– Бирок, документтерде туризм боюнча көйгөйлөр да ачык көрсөтүлгөн. Айрым пляждардын абалы начар, айрым объектилерде санитардык талаптар сакталбайт. Муну кантип чечебиз?**

– Туризмди өнүктүрүү менен бирге тармактагы кемчиликтерди да ачык айтууга тийишпиз. Туристтик сезон алдында райондук комиссия төрт жолу жыйын өткөрүп, эки жолу рейддик текшерүү жүргүздү. Санитардык тапшырмалар берилди. Лабораториялык көзөмөлдүн жыйынтыгында ичүүчү суунун, көлдүн суусунун, кумдун жана бассейн суусунун бардык алынган үлгүлөрү санитардык талаптарга жооп берген. Ошол эле учурда тез тамактануучу айрым жайларда уруксат документтери, борбордук суу жана канализация, өндүрүштүк шарттар, кызматкерлердин медициналык кароосу сыяктуу талаптар боюнча көйгөйлөр аныкталган. Айрым пляждардын абалы да жакшыртууну талап кылат. «Арал», «Зорька», «Мысь», «Манжылы», «Шор-Булак», «Тузду-Көл» пляждарында тиешелүү көңүл бурууну күчөтүү зарыл. Бул жерде жергиликтүү бийликке да, ишкерлерге да бирдей жоопкерчилик жүктөлөт. Туристтик бизнес киреше табуу менен гана чектелбеши керек. Жаратылышка, коомдук коопсуздукка жана санитардык талаптарга жоопкерчилик болушу зарыл.

**– Экология менен туризмдин ортосундагы тең салмакты кантип сактайбыз?**

– Бул абдан маанилүү маселе. Ысык-Көл – биздин экономикалык гана эмес, улуттук байлыгыбыз. Ошондуктан, көл жээгиндеги ар бир туристтик объекттин ишмердиги экологиялык талаптарга жооп берүүгө тийиш. Бүгүнкү күндө токой фондунун аймагындагы туристтик объектилердин бардыгы саркынды сууларды тазалоочу курулмалар менен камсыз болгон. Көл жээгиндеги айрым тилкелерде маалыматтык-эскертүүчү калкандар орнотулуп, унаалардын мыйзамсыз кирүүсүнө бөгөт коюлган. Көл жээгиндеги 14 ижаралык участок боюнча токой жайгаштыруу иштери жүргүзүлүп, 6 млн 551 миң 384 сом өлчөмүндө токой жоготуулары эсептелген. Анын ичинен 3 млн 188 миң 933 сом мамлекеттик бюджетке өндүрүлгөн. Биз туризмден киреше табууну кааласак, ошол эле учурда көлдү жана жаратылышты сактоого милдеттүүбүз.

**– Маданият жана улуттук баалуулуктар боюнча да бир катар иштер аткарылган экен. Райондун өнүгүүсүндө бул тармактын ордун кандай көрөсүз?**

– Экономикалык өнүгүү менен рухани өнүгүү бири-биринен ажырагыс түшүнүктөр. Райондун 90 жылдыгына карата санжырачылардын кароо-сынагы өткөрүлүп, ата-бабалардын тарыхын кийинки муунга бурмалабай жеткирүү маселесине көңүл бурулду.

Т.Океев атындагы райондук маданият үйүнүн чыгармачыл тобу Чыңгыз Айтматовдун «Саманчынын жолу» чыгармасын сахналаштырды. Ошондой эле «Энелер – дүйнө көркү» иш-чарасы быйыл облустук деңгээлде өткөрүлүп, Баатыр энелердин биринчи облустук форуму уюштурулду. Мындай иш-чаралар коомдун ынтымагын бекемдөөгө, улуттук баалуулуктарды сактоого жана муундар байланышын күчөтүүгө кызмат кылат.

**– Алдыга көз чаптырсак. Сиздин көз карашыңызда Тоң районунун жакынкы жылдары кандай район болушу керек?**

– Мен Тоң районун экономикалык мүмкүнчүлүктөрү толук пайдаланылган, инфраструктурасы жакшырган, туризм менен айыл чарбасы заманбап талаптарга жооп берген, жаштар үчүн мүмкүнчүлүгү кеңейген район катары көрөм.

Биздин өнүгүүнүн бир нече өзөгү бар. Биринчиси – айыл чарбасы. Сууну натыйжалуу пайдалануу, мамлекеттик фондду жерлерин жүгүртүүгө киргизүү, фермерлерди каржылоо, техниканы жаңылоо жана кайра иштетүүнү өнүктүрүү.

Экинчиси – туризм. Тоңдун жаратылышын экономикалык мүмкүнчүлүккө айландыруу менен бирге аны сактоо.

Үчүнчүсү – инвестиция. Инвестор үчүн шарт түзүү менен бирге тартылган инвестициянын райондун экономикасына реалдуу пайдасын камсыз кылуу.

Төртүнчүсү – адам капиталы. Сапаттуу билим, медициналык кызмат, кесиптик даярдык жана жаштар үчүн мүмкүнчүлүк.

Бешинчиси – инфраструктура. Жол, суу, ирригация жана социалдык объектилер.

Бул багыттардын ар бири өзүнчө эмес, бири-бири менен байланышта өнүгүүгө тийиш.

**– Демек, сиздин түшүнүгүңүздө райондун өнүгүүсүнүн негизги формуласы эмнеде?**

– Мен аны жөнөкөй түшүндүрөт элем: мүмкүнчүлүк бар жерде жоопкерчилик болушу керек. Тоң районунда мүмкүнчүлүк көп. Жер, суу ресурстары, Ысык-Көл, туристтик потенциал, айыл чарбасы, ишкерлер, жаштар бар. Бирок, мүмкүнчүлүктүн өзү өнүгүү алып келбейт. Аны туура башкаруу, инвестициялоо, эмгек жана жоопкерчилик керек.

Биз экономикалык көрсөткүчтөрдү өстүрүү менен эле чектелбешибиз керек. Ошол өсүштү элдин жашоосунда сезилген натыйжага айландыруу – негизги милдет.

**– Маектин соңунда Тоң районунун элине кандай сөз айткыңыз келет?**

– Тоң району – тарыхы терең, эмгекчил эли жана чоң мүмкүнчүлүктөрү бар аймак.

Бүгүн бизде жетишкендиктер да, көйгөйлөр да бар. Эң туура жол – жетишкендикке ашыкча мас болбой, көйгөйдөн качпай, аны ачык талкуулап, чечүүгө аракет кылуу. Райондун келечеги бир гана акимге же мамлекеттик администрацияга байланыштуу эмес. Өнүгүү – жалпы жоопкерчилик. Мамлекеттик кызматкер өз ишин сапаттуу аткарганда, дыйкан жерин натыйжалуу пайдаланганда, ишкер жаңы жумуш орундарын түзгөндө, мугалим баланын билимине салым кошкондо, дарыгер адамдын ден соолугу үчүн жоопкерчилик менен иштегенде, жаштар өз аймагынын келечегине кайдыгер болбогондо – ошондо район өнүгөт.

Биздин негизги максат – Тоңдун мүмкүнчүлүгүн туура пайдаланып, бүгүнкү эмгекти эртеңки туруктуу өнүгүүгө айландыруу. Эң негизгиси – элдин ишенимин актоо.

**– Бактыбек мырза, маанилүү маегиңиз үчүн ыраазычылык билдиребиз!**

**Сизге бекем ден соолук, кажыбас кайрат каалайбыз.**

**Раиса ДҮЙШӨНБЕКОВА**

**Сүрөттөрдө: Район аймагында болуп жаткан маанилүү окуялардан көрүнүштөр**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

МЕКЕНДЕШТЕР





*Сүйүнбек уулу менен (солдон)*

**Сүйүнбек ИБРАЕВ:**

# “ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТ – ДҮЙНӨЛҮК АРЕНАГА ЧЫГУУГА ЖОЛ АЧАТ”

***Бул жолу гезит бетине интервью берген адам кыргыз мектебин алтын медаль менен аяктаган, Германияда компьютерлердин параллелдүү эсептөөлөрү боюнча илимий даража жактаган математика илимдеринин доктору Сүйүнбек Ибраев. Ал учурда дүйнөдөгү эң ири эл аралык каржы институттарынын бири болгон Кытайдын Пекин шаарындагы Азия инфраструктуралык инвестиция банкынын (АИИБ) Казыналык бөлүмүнүн улук кызматкери болуп эмгектенет. Аны дүйнөлүк каржы уюмдарында иштеген “кыргыз инженери” десек болот. Ушу тапта ал үй-бүлөсү менен Кыргызстанга эс алууга келген. Учурдан пайдаланып ага жолугуп, анын эл аралык институттардагы ишмердиги, идеялары жасалма интеллект тууралуу ойлорун уктук.***

**- Сүйүнбек агай, чет өлкөдө ийгилик жараткан адистердин көбү орус же англис тилдүү мектептердин бүтүрүүчүлөрү деген түшүнүк бар го. Сиз кайсы мектептен билим алдыңыз эле?**

- Бишкек шаарындагы кадимки эле кыргыз тилдүү мектептерден окугам. Окууну алтын медаль менен аяктагам. Негизи «чет өлкөгө чыгуу же илимпоз болуу үчүн сөзсүз түрдө элиталык мектептерди бүтүрүү керек» деген түшүнүк туура эмес. Эң башкысы, каалоо, эмгек абдан маанилүү. Андан кийин тандаган багытың, тагдырыңа жазылган нерсе да таасир берери анык. Мектепти аяктаган соң Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин математика факультетине тапшырдым. Чоң илимге, сандар дүйнөсүнө болгон пайдубалым дал ушул улуттук университетте түптөлдү десем болот. Математика–бул бардык так илимдердин, анын ичинде бүгүнкү заманбап IT тармагынын да падышасы. Университетти аяктагандан кийин Германияга Президенттин “XXI кылымдын кадрлары” деген программасы аркылуу баргам. Ал жактан аспирантураны окуп, кандидаттык диссертациямды жактадым. Илимий ишимдин темасы – параллелдүү эсептөөлөр жана суперкомпьютерлер. Бул жөнөкөй тил менен айтканда, кадимки компьютерлер бир убакта бир гана маселени чече алса, параллелдүү компьютерлер бир эле секунданын ичинде миллиондогон татаал математикалык операцияларды бир убакта аткарат. Бул илим бүгүн биз көрүп жаткан жасалма интеллекттин (ЖИ) негизин түзөт. Германиядан кандидаттык диссертациямды жактоо оңой болгон жок. Ал кезде илимий иш жазуу азыркыдай жеңил эмес, абдан оор эле. Бүгүнкүдөй маалыматты интернеттен бир заматта таап алган заман эмес, керектүү материалдарды, формулаларды жана илимий эмгектерди күн-түн дебей китепканаларда отуруп издечүбүз. Бирок ошол кыйынчылык мени курчутту, илимге болгон жоопкерчиликти үйрөттү. Германиядан алган илимим мага кийин дүйнөлүк деңгээлдеги эшиктерди ачты.

**- Сиз окуган жана илимге кадам таштаган 90-жылдары Кыргызстан жаңы гана эгемендүүлүккө ээ болуп жаткан кезине тушташ экен. Ал убактагы өлкөдөгү абал жана элдин турмушу эсиңизде болсо керек...**

- Ооба, биздин студенттик жылдарыбыз өлкөнүн эгемендүүлүгүнүн алгачкы жылдарына туура келди. Бул мезгил бүткүл кыргыз эли үчүн тарыхый бурулуш гана эмес, жашоо-турмуш жагынан абдан оор сыноолордун учуру болду. Советтер Союзу тарап, экономикалык байланыштар үзүлүп, эл жаңы шарттарга көнө албай күнүмдүк турмушта көптөгөн кыйынчылыктарды баштан кечирип жаткан. Ошондой эле, компьютер колдонуу да азыркыдай жеткиликтүү эмес, компьютерлер саналуу гана илимий борборлордо бар эле. Ал эми интернет өлкөгө жаңыдан гана келе баштаган. Бүгүнкүдөй социалдык тармактар, сайттар же издөө системалары деген такыр жок болчу. Интернет жаңы келгенде биз аны бир гана максатта – электрондук почта (e-mail) аркылуу кат алышуу үчүн гана колдоно алчубуз. Бирок элдин турмушундагы оорчулуктарга, технологиянын чектелүү экенине карабай, бизде илимге, жаңы нерсени өздөштүрүүгө болгон куштарлык абдан күчтүү болчу.

**- Сиздин карьералык жолуңузда дүйнөнүн эң ири, атактуу эл аралык банктарына жумушка чакырышыптыр. Эл аралык каржы институттарынын өзгөчөлүгү эмнеде?**

- Ооба, карьерам эл аралык ири инвестициялык банктар менен байланыштуу болду. Мен Европанын жана Азиянын каржы борборлорунда (Франкфурт, Лондон, Сингапур) 17 жылдан ашык убакыт ушул багытта эмгектендим. Германиянын белгилүү Commerzbank жана Dresdner Kleinwort банктарында, Австралиянын ANZ банкында, кийинчерээк Сингапурдун эң ири OCBC Bank жана Азия инфраструктуралык инвестиция банкында жооптуу кызматтарды аркаладым. Банктарда катардагы IT кызматкери эмес, математикалык моделдерди түзүү аркылуу акча куралдарынын баасын реалдуу убакытта эсептөө, каржылык тобокелдиктерди башкаруу, тутумдарды иштеп чыккан адис катары иштедим. Дүйнөлүк ири банктар бири-бири менен абдан тыгыз, глобалдык бирдиктүү системада кызматташат. Алардын негизги максаты – мамлекеттер аралык ири стратегиялык долбоорлорду (инфраструктура, санариптештирүү, курулуш жана башка тармактарда) иш алып барат. Ошондой эле, бир банк экинчи банкка насыя берүү иши да жүргүзүлөт. Каржы дүйнөсүндө акча бир ордунда жөн эле тура бербеши керек, ал тынымсыз кыймылда болуп, иштегенде гана пайда алып келет. Глобалдык базарда мындай ири долбоорлор үчүн бериле турган каражаттардын пайыздык чендери абдан төмөн болот. Бул акчанын натыйжалуу иштешине жана экономиканын өнүгүшүнө шарт түзөт.

**- Эл аралык адис катары биздин өлкөнүн банктарынын ишмердиги тууралуу кандай ойдосуз?**

- Эгер Кыргызстандын банк тармагын ала турган болсок, акыркы жылдары өзгөчө санариптештирүүдө бир топ алдыга жылуулар бар экени байкалат. Бүгүн биздин банктар негизинен калкка кызмат көрсөтүү, мобилдик тиркемелер аркылуу иштөө жана акча которуу тутумдарын өнүктүрүү багытында активдүү иштеп жатышат. Тез арада акча которуу, заматта төлөмдөрдү жүргүзүү системалары бизде бир топ жакшы жолго коюлду. Бирок, дүйнөлүк деңгээл менен салыштырганда, биздин ички банктар азырынча чоң инвестициялык долбоорлорду каржылоочу кубаттуу күчкө айлана элек. Биздеги пайыздык чендердин (кредиттердин) жогору болушу да ушул каржылык инструменттердин жана сырткы чоң капиталдын жетишсиздигинен кабар берет. Келечекте кыргыз банктары жөн гана акча которуу же насыя берүү менен чектелбестен, өлкө үчүн ири өндүрүштүк жана технологиялык долбоорлорду каржылай турган деңгээлге өсүшү керек. Ал үчүн бизге эл аралык каржы коомчулугу менен интеграциялануу жана заманбап технологияларды колдонуу маанилүү.

**- Бүгүн дүйнө жүзү жасалма интеллект тууралуу көбүрөөк сүйлөп жатат. Бул технологиянын ички сырларын дүйнөлүк деңгээлдеги инженер катары сиз жакшы билесиз. Бизге бул процессти жөнөкөй тил менен түшүндүрүп бере аласызбы?**

- Бүгүн көпчүлүк ChatGPT же ушул сыяктуу жасалма интеллект куралдарына таң калып, суктанып жатышат. Бирок, бул системалар өзүнөн өзү эле акылдуу болуп калган жок. Алардын артында миллиондогон маалыматтарды бир заматта иштете турган, адамдын акылына сыйбаган суперкомпьютерлер жана өтө татаал архитектуралык коддор турат. Математика – бул жасалма интеллекттин «мээси жана акылы», ал эми компьютер анын «денеси жана күчү» десек болот. Технологиядан коркпош керек, аны курал катары колдонууну үйрөнүү зарыл. Ооба, ЖИ кээ бир механикалык, бир түрдүү жумуштарды адамдын ордуна аткарып калышы мүмкүн. Бирок, ал жаңы мүмкүнчүлүктөрдү да ачат. Өзгөчө кыргыз жаштары үчүн жасалма интеллект – бул дүйнөлүк аренага чыгууга берилген эң чоң тарыхый мүмкүнчүлүк. Бүгүн Кыргызстанда туруп эле ЖИ куралдарынын жардамы менен эл аралык долбоорлорду жасап, чоң ийгиликтерге жетсе болот. Бул үчүн жаштарыбыз тек гана үзгүлтүксүз билим алуу жана жаңы технологияларды өздөштүрүүлөрү кажет.

**- Жасалма интеллекттин Борбордук Азиядагы өнүгүүсү кандай болуп жатат? Биздин коңшу мамлекеттер бул багытта кандай кадамдарды жасоодо?**

- Мен иштеген дүйнөлүк ири эл аралык банктар учурда Борбордук Азия чөлкөмүнө, анын ичинде коңшу Казакстан менен Өзбекстанга абдан чоң көңүл буруп жатышат. Бул банктар Казакстан менен Өзбекстанда масштабдуу технологиялык, санариптик жана инфраструктуралык долбоорлорду каржылап, жигердүү ишке ашырууда. Тилекке каршы, биздин өлкө бул глобалдык инвестициялык агымдан артта калбаш керек.

**- Демек, бул технологиялык жарышта Кыргызстандын да өз орду болушу керек го? Бул багытта кандай долбоорлорду ишке ашырыш керек деп ойлойсуз?**

- Албетте, биз артта калбашыбыз керек. Мындан улам, менин уулум Сүйүн азыр чет өлкөдө алган алдыңкы билимин жана тажрыйбасын өз мекенине жумшасам деген чоң идея үстүндө иштеп жатат. Анын башкы максаты – Кыргызстанда жасалма интеллекттин алкагында инновациялык долбоорлорду ишке ашыруу. Биринчиден, ал жасалма интеллект англис тилден кыргыз тилине которуу чоң маалыматтар базасын иштеп чыкты. Ал англис тилинен кыргыз тилине түз которо турган атайын сайтты ишке киргизди. Жасалма интеллект кыргыз тилинен англис тилине катасыз, эң жогорку деңгээлде сапаттуу которуш үчүн keминде 2 миллионго чейин даяр сүйлөмдүн базасы керек. Уулум экөөбүз учурда бул багытта алгачкы кадамды жасадык. 150 миңден ашык сүйлөмдү англисчеден кыргызчага сапаттуу которуп, базага киргиздик. Бул жумуш дагы да улантылат. Экинчиден, уулум Сүйүн бүгүнкү күндүн эң алдыңкы технологиясы болгон Блокчейн жана туруктуу санариптик валюта – Стейблкоин тутумуна негизделген уникалдуу долбоорду ишке ашырууда. Бул долбоор түздөн-түз биздин кыргыз фермерлерине багытталган.

**- Бул кыргыз фермерлерине кандай пайда алып келет?**

- Долбоордун максаты – кыргыз фермерлери баккан койлорун, өндүргөн эт азыктарын атайын санариптик платформа аркылуу ортомчуларсыз түз сатууга жол ачуу. Бул жерде коопсуздукту блокчейн технологиясы камсыздайт. Ал өзгөртүүгө же өчүрүүгө мүмкүн болбогон санариптик келишимдерди жазып калат. Мисалы, фермер өзүнүн этин ушул платформа аркылуу сатканда, сатып алуучу менен келишим түзүлүп, фермер дароо өзүнүн жарым акчасын алдын ала кепилдик менен төлөп ала алат. Ал эми калган сумма келишимдеги шарттар толук аткарылганда блокчейн аркылуу автоматтык түрдө которулат. Бул система фермерлерди алданып калуудан коргойт, чыгымдарын азайтат жана малдын этин эл аралык баада, стейблкоин сыяктуу туруктуу санариптик акча менен ишенимдүү сатууга шарт түзөт. Бул долбоорду ишке ашырыш үчүн өлкөдөгү бир нече фермелер менен сүйлөшүүлөрдү жүргүздүк. Аталган тиркеме кийинки жылдан тартып колдонууга берилет.

**- Сиз дүйнөлүк деңгээлдеги ири ийгиликтерге жеттиңиз, уулуңуз да ата жолун жолдоп, мекен үчүн чоң технологиялык долбоорлорду жасап жатыптыр. Акылдуу, мекенчил балдарды кантип тарбиялоо керек?**

- Жубайым экөөбүз бир кыз, бир уулду тарбиялап өстүрдүк. Жубайым кесиби боюнча – котормочу. Ал эми бала тарбиялоодогу менин эң башкы принцибим – бул балага ашыкча кысым көрсөтпөй, ашыкча да эркиндик берүүнү туура эмес дейбиз. Бул жерде башкы нерсе – жоопкерчилик. Мен ар дайым балдарыма: «Жашоодо эмне туура, эмне туура эмес экенин, кайсы жолду тандашты өзүңөр аң-сезимдүү түрдө чечишиңер керек», - деп айтам. Баланы ар дайым мойнунан байлап, ар бир кадамын көзөмөлдөө бул эң чоң ката. Кыргыз элинде «Мойнунан байланган ит ууга жарабайт» деген сонун макал бар. Эгер балага кичинесинен өз алдынча чечим кабыл алганды үйрөтпөсөк, ал келечекте чоң турмуштун сыноолоруна туруштук бере албаган, көз каранды инсан болуп калат. Башкысы, чоң максаттарга умтулуу, аракеттер эртерээк башталышы керек. Баланы сөз менен эмес, иш менен тарбиялоо, эмгекке үйрөтүү абдан маанилүү.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

ПИКИР

# КӨЧМӨНДӨР ОЮНДАРЫ – ӨЗҮБҮЗДҮ ДҮЙНӨГӨ ТААНЫТКАН КҮЗГҮ



**Оюндар аяктады. Эми анын мурасы жашообузда уланабы? Кээде тарыхты китептен окуп эле тим болбой, аны бир окуя аркылуу жүрөгүбүз менен сезебиз. Кээде ата-бабадан калган мурас музейдеги экспонат эмес, көз алдыбызда кайра жанданып, дүйнөнүн ар кайсы бурчунан келген адамдарга көрсөтүлөт.**

### VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары дал ушундай тарыхый окуялардын бири болду

31-августта Бишкекте башталган ири спорттук майрам 6-сентябрда өз жыйынтыгын чыгарды. Бул күндөрү Кыргызстанга дүйнөнүн ар кайсы бурчунан келген спортчулар күч сынашып, Кырчын жайлоосу көчмөндөрдүн маданиятын, салтын жана өнөрүн дүйнөгө тартуулаган чоң аянтчага айланды. Быйылкы оюндарга 109 өлкөдөн 3 миңден ашуун спортчу катышып, спорттун 42 түрү боюнча мелдештер өттү. Бирок, оюндардын маанисин медалдардын саны менен гана өлчөө туура эмес. Анткени Көчмөндөр оюндарынын эң чоң жеңиши — өзүбүздүн ким экенибизди дагы бир жолу дүйнөгө көрсөтүүдө. Дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүнөн келген меймандар Кыргызстанды жөн гана спорттук мелдеш өткөргөн өлкө катары көрүп кеткен жок. Алар кыргыз элинин жашоо образын, маданиятын, улуттук оюндарын, каада-салтын, көл өнөрчүлүгүн, улуттук кийимдерин, тамак-ашын, музыкасын жана эң башкысы- кыргыз элинин меймандостугун көрүштү. Кырчын жайлоосунда ар бир облустун тигилген боз үйлөрүнүн ар бири кыргыз тарыхынын өзүнчө бир барагындай болду. Боз үйдүн түзүлүшү, анын ичиндеги буюмдары, шырдак, ала кийиз саймалары, улуттук кийимдери – мунун баары биздин ата-бабаларыбыздын жашоосунан кабар берет. Биз үчүн жөнөкөй көрүнгөн боз үй чет элдик конок үчүн бүтүндөй бир маданияттын символу болушу мүмкүн. Анткени боз үй жөн гана жашай турган жай эмес. Ал көчмөндөрдүн үйү, үй-бүлөнүн очогу, берекенин жана ынтымактын белгиси. Ал эми ат үстүндөгү оюндар кыргыз элинин тарыхын дагы бир ирет эске салды. Кыргыз үчүн ат жөн гана унаа болгон эмес. Ат - көчмөндөрдүн канаты, ишенимдүү жолдошу, эркиндиктин символу. Көк бөрү, эр эниш, ат чабыш, кыз куумай сыяктуу оюндарда ошол тарыхый байланышы бүгүнкү күндө дагы жашап келе жатат. Көк бөрүдөгү шамдагайлыкты, күрөштөгү күч-түгүлүктү, тогуз коргоолдогу терең ойду - кыргыздын мүнөзүн ар башка өңүттөн көрсөтүп келет. Мисалы, тогуз коргоолду карап отуруп эле кыргыз элинин байыркы дүйнө таанымындагы акыл-эсин, эсепке жана стратегияга кандай мааниге ээ болгонун түшүнүүгө болот. Ал эми көк бөрүдө шамдагайлык менен бирге командалык аракет, ишеним жана намыс талап кылынат. Кыргыздын улуттук оюндардын ар биринин артында элдин тарыхы, мүнөзү жана дүйнө таанымы жатат.

### Кыргыз элин дүйнөгө таанытткан дагы бир чоң баалуулук – бул меймандостук

«Конок келсе – кут» деген түшүнүк кыргыздын кан-жанына сиңип калган. Көчмөндөр оюндарына келген коноктордү жылуу тосуп алуу, дасторкон жайуу, улуттук тамактарды тартуулоо, өнөрпоздордун ыркүүлөрүн тартуулоо аркылуу биз бул салтты дагы бир ирет көрсөттүк. Чет өлкөлүк меймандар Кыргызстанга келгенде анын эсинде медаль же мелдештин жыйынтыгы гана калбашы мүмкүн. Анын эсинде жайлоонун арча жыттынган жыты, комуздун күүсү, боз үйлөр, кыргыздын даамдуу тамак-ашы, аттардын дүбүртү жана адамдардын жылуу мамилеси калды деп ойлоймун. VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары бизге дагы бир маанилүү нерсени түшүндүрдү: өзүбүздү дүйнөгө таанытуу үчүн биринчи кезекте өзүбүздүн баалуулуктарыбызды жакшы билишибиз керек экенин. Бүгүнкү жаш муундарыбыз дүйнөлүк маданияттын, технологиянын жана социалдык тармактардын ичинде өсүп жатат. Бул - заманыбыздын талабы. Бирок дүйнөгө аралашуу өзүнүн тилин, тарыхын, салтын унутуу дегенди билдирбейт. Тескерисинче, дүйнөдө ар бир элди өзгөчө кылып турган нерсе анын өзүнүн жүзү. Биздин жүзүбүз – Манас эпосубуз, комуз, боз үй, ак калпак, улуттук оюндар, ат, тоолор, меймандостук, салт жана эркиндикти сүйгөн мүнөзүбүз. Көчмөндөр оюндарыбызда дал ошол кыргыз элинин жүзүн дүйнөгө дагы бир жолу көрсөттү. Эми эң маанилүү милдетибиз -бул биздин баалуулуктарды оюндар өткөн күндөрдө гана калтырбай, күнүмдүк жашообузда дагы улантуу.

### Мурас муундан муунга өтүшү керек

Көк бөрү, кыргыз күрөшү, эр эниш, ордо, тогуз коргоол, ат оюндары биз үчүн булардын айрымдары кадимки көрүнүш. Ал эми чет өлкөдөн келген конок үчүн бул оюндардын ар биринин артында өзүнчө тарых жана философия бар. Мына ушул жагынан алганда Көчмөндөр оюндары бизге биринчи кезекте өз мурасыбызды баалоону үйрөттү. Өзүбүз күн сайын көрүп жүргөн нерсенин баркын кээде байкабай калабыз. Ат үстүндөгү өнөрдү, улуттук оюндарды, кол өнөрчүлүктү, салт-сананы кадимки эле көрүнүш катары кабыл алабыз. Ал эми дүйнөнүн ар кайсы бурчунан келген адамдар бул баалуулуктарга кызыгып, сүрөткө тартып, видеого түшүрүп, өз өлкөлөрүнө алып кетишти. Демек, бизде дүйнөгө көрсөтө турган байлык бар. Эми ошол байлыкты кийинки муунга өткөрүү – биздин милдетибиз.

### Жеңиш — бүт элдин жеңиши

Кыргызстандын белгилүү балбаны, күрөш боюнча дүйнөнүн бир нече жолку чемпиону Айсулуу Тыныбекова Көчмөндөр оюндарындагы спортчулардын ийгилиги жалпы кыргыз элинин жеңиши экенин белгиледи. Бул сөздүн салмагы чоң. Анткени спортчу мелдешке чыкканда килемде же аянтта өзү гана турат. Бирок анын артында машыктыруучусу, үй-бүлөсү, эли жана өлкөсү турат. Көк бөрүдөгү ар бир салым, күрөштөгү ар бир жеңиш, ат үстүндөгү ар бир ийгилик кыргызстандыктардын баарына тиешелүү кубанычка айланды. Ушундан улам Көчмөндөр оюндары бизге биримдиктин күчүн да көрсөттү.

### Дүйнө Кыргызстанды көрдү

Көчмөндөр оюндарынын дагы бир маанилүү жагы — Кыргызстанды дүйнөгө таанытуу. Туризмди өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттиктин директору Эдуард Кубатовдун маалыматына караганда, оюндарга 200 миңге жакын турист келери күтүлүп, иш-чара өлкө экономикасина 100–120 миллион доллардан ашык кирешe алып келиши мүмкүн болгон. Анын айтымында, негизги натыйжа оюндар аяктагандан кийин дагы байкалышы мүмкүн, анткени дүйнөнүн жүздөн ашуун өлкөсүнөн келген медиа өкүлдөрү жана блогерлер Кыргызстан тууралуу маалымат таратышты.Бул жерде бир маанилүү нерсе бар. Кыргызстанды таанытуу үчүн дайыма эле чоң жарнама талап кылынбайт. Кээде бир чет элдик коноктун Кыргызстан тууралуу жакшы таасири миңдеген адамдарга жетиши мүмкүн. Ал эми Кырчындын кең талаасы, Ысык-Көлдүн жаратылышы, кыргыздын боз үйлөрү, улуттук тамак- аштары, ат оюндары жана кыргыз элинин меймандостугу өлкөбүздүн өзгөчө жүзүн көрсөтө алды.

### Оюндардан кийин эмне калат?

Эң маанилүү суроо ушул. Спортчулар үйлөрүнө кайтышат. Коноктор өз мекендерине кетишет. Кырчындын талаасындагы шаң басаңдайт. Медалдар спортчулардын үйлөрүндө сакталат. Бирок, Көчмөндөр оюндарынын чыныгы мурасы ошол жерден башталууга тийиш. Мектеп окуучулары тогуз коргоолду үйрөнөбү? Балдар ат спортуна кызыгабы? Улуттук оюндар айылдарда жана шаарларда кеңири жайылабы? Кол өнөрчүлөрдүн эмгегине болгон кызыгуу көбөйөбү? Эгер ушул суроолорго оң жооп табылса, анда оюндардын мааниси дагы терең болот деп ишенем. Анткени салтты сактоо - аны бир жолу көрсөтүп коюу эмес. Салтты сактоо- бул күнүмдүк жашоодо улантуу. Көчмөндөрдүн жашоо образы адам менен жаратылыштын байланышын, эркиндикти, чыдамкайлыкты жана биримдикти даңазалайт. Бүгүнкү технология өнүккөн заманда бул баалуулуктар мурдагыдан да маанилүү болуп бара жаткандай. Балдарыбыз телефон менен компьютердин дүйнөсүндө өсүп жатат. Алар дүйнөнүн каалаган бурчун бир баскыч менен көрө алышат. Бирок ошол эле учурда өзүнүн тарыхын, тилин, салтын жана улуттук оюндарын билүүсү керек. Анткени дүйнөгө аралашуу үчүн өз тамырыңды унутуунун кереги жок. Тескерисинче, өзүңдүн ким экениңди билгенде гана дүйнөгө өзгөчө жүзүңдү көрсөтө аласың.

### Эң чоң жеңиш — мурасты сактап калуу

VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары дагы бир маанилүү нерсени көрсөттү: анын өзөгү атаандаштыкта гана эмес. Кыргызстандын Дене тарбия жана спорт агенттиги белгилегендей, оюндардын негизги максаттарынын бири — салттуу спорт түрлөрүн сактоо жана өнүктүрүү, аларды дүйнөгө жайылтуу жана элдердин ортосундагы достукту бекемдөө. Ошондуктан мамлекеттер арасында жалпы медалдык рейтинг жүргүзүлгөн жок. Бул жерде бир өлкөнүн жеңиши экинчи өлкөнүн жеңилиши эмес. Бул жерде жалпы адамзаттык мурас, достук жана маданият биринчи орунда турат. Ошондуктан Көчмөндөр оюндары бизге бир чоң сабак берди. Өткөндү сактап калуу менен келечекке жол ачуу. Бүгүн дүйнө кыргыздын көк бөрүсүн, күрөшүн, ат үстүндөгү өнөрүн, кол өнөрчүлүгүн көрүштү. Эртең ошол өнөрдү биздин балдарыбыз улантышы керек. Оюндар аяктады. Бирок көчмөндөрдүн рухү, салты жана мурасы улана бериүүгө тийиш.

МАДАНИЯТ

# АР ТАРАПТУУ ТАЛАНТ

***Акыркы күндөрү интернетте карышкырдын улуганын, иттин үргөнүн кадимкидей окшоштурган 17 жаштагы кыздын видеосу хит болуп, аябай талкууланып жатат. Ал гана эмес, жакында Бишкекте өткөн Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын ачылышында бүтүндөй стадионду таң калтырды. Сезим Коргонбаева Нарын облусунун Жумгал районундагы Байзак айылынан болот. Сезимдин ата-энеси карапайым чабандар. Алар жылдын көбүн тоодо, мал артында өткөрүшөт. Сезим да бош боло калганда эле ата-энесине жардам берип, жайлоодо кой кайтарып чоңойгон. Көрсө, анын бул өзгөчө таланты тоодо жүргөндө эле ачылыптыр. Сезим өзү берген маектеринде: «Кээде жанымда ит жок калганда койлорду тезирээк айдаш үчүн өзүм эле ит болуп үрүп көрчүмүн», - деп күлүп айтып берген. Ошентип жүрүп, бара-бара карышкырдын улуганын, иттин үргөнүн, кичинекей баланын ыйлаганын кадимкидей окшоштуруп тууралганды үйрөнүп алган.***



**ЧОҢ САХНАГА КАДАМ**

Сезим алгач “Номад ТВ” телеканалы уюштурган “Ты супер! Кыргызстан” музыкалык- таланттар шоусуна катышып, өз өнөрүн жалпы журтчулукка тартуулаган. Сезим атайын музыкалык мектептерде окуган эмес, ал тубаса талант. Бирок ал абдан тырышчаак кыз. Комуз чертет, сүрөт тартат жана ырдайт. Жаш талант «Ты супер! Кыргызстан» деген чоң долбоорго катышып, 1500 баланын арасынан эң мыкты 40тын катарына кирген.

**VI ДҮЙНӨЛҮК КӨЧМӨНДӨР ОЮНДАРЫНЫН АЧЫЛЫШ АЗЕМИНЕ КАТЫШТЫ**

31-августта Бишкек шаарында VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын салтанаттуу ачылыш аземи өттү. Дүйнөнүн булуң-бурчунан келген спортчуларды, чыгармачыл топторду жана коноктору бириктирген ири иш-чара кыргыз элинин бай тарыхын, маданиятын жана көчмөн цивилизациясынын баалуулуктарын кеңири даңазалады. Салтанаттуу иш-чарага коомдук жана маданий чөйрөнүн өкүлдөрү менен катар Сезим Коргонбаева да катышып, көчмөндөрдүн улуттук оюндарын жана ата-бабадан калган мурастарды даңазалаган өзгөчө кеченин күбөсү болду. Сезимдин бул маанилүү иш-чарага катышуусу да улуттук маданиятка жана кыргыз элинин тарыхый мурастарына болгон кызыгуунун бир көрүнүшү болду. Көчмөндөр оюндары аркылуу кыргыз элинин бай маданий мурасы дүйнөгө таанылып, жаш муунга ата-бабалардын салтын сактоо жана улантуу идеясы сиңирилүүдө.

Бетти даярдаган Чынара КАЛМАТОВА

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

УКУК ЖАНА ТАРТИП

## ЖАЗАНЫН СӨЗСҮЗ БОЛУШУ ПРИНЦИБИН КАМСЫЗ КЫЛУУДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК АЙЫПТООНУН РОЛУ

Кыргыз Республикасынын прокуратурасынын соттук өндүрүшкө катышуусу жана сотук чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөө башкармалыгы тарабынан өз ишмердүүлүгү боюнча, мамлекеттик айыптоочу катары – сот алдында кылмыш-жаза иши боюнча мамлекеттин атынан айыптоону колдоо жана ишке ашырууну көзөмөлгө алып келет.

Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамы Кыргыз Республикасынын Конституциясына, эл аралык укуктун жалпы таанылган кабыл алынган принциптерине жана ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерге негизделет.

Кылмыштар үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилиги каралган башка мыйзам актылары ушул кодекске киргизилгенден кийин колдонулууга жатат. Аталган кодекстин максаттары инсандын укуктарын жана эркиндиктерин, менчикти, коомдук тартипти, коомду, мамлекетти, айлана-чөйрөнү, Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүн кылмыштуу кол салуулардан коргоо, адамзаттын тынчтыгын жана коопсуздугун камсыз кылуу, кылмыштардын алдын алуу жана кылмыштан бузулган адилеттүүлүктү калыбына келтирүү болуп саналат.

Жарандардын мыйзам алдындагы теңчилик принциби жосунду жасаган адамдар мыйзам алдында тең жана жынысына, расасына, тилине, майыптыгына, этностук таандыктыгына, диний ишенимине, жаш курагына, саясий же башка көз караштарына, билимине, ата-тегине, мүлктүк, кызматтык же башка абалына, ошондой эле басмырлоого негиз болгон башка жагдайларга карабастан кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылууга тийиш.

Мыйзамдуу тартипте күнөөсү далилденмейинче жана соттун мыйзамдуу күчүнө кирген айыптоо өкүмү менен аныкталмайынча, эч ким кылмыш жасады деп табылышы жана кылмыш-жазасына тартылышы мүмкүн эмес.

Сот аркылуу адилеттүү жазанын дайындалышы коомдо мыйзамды сыйлоо сезимин бекемдеп, жаңы кылмыштардын алдын алат. Сот өндүрүшүнүн ачыктыгынын жана калыстыгынын маанилүү кепилдиги болуп саналат.

**А.САБЫРБЕКОВ,**
**Бишкек шаарынын Октябрь районунун прокурорунун жардамчысы**

## «МАМЛЕКЕТТИК ПЕНСИЯЛЫК СОЦИАЛДЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ЫЛАЙЫК ДАЙЫНДАЛГАН ПЕНСИЯЛАРДЫ 2026-ЖЫЛДЫН 1-ОКТЯБРЫНАН ТАРТЫП ИНДЕКСАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 10-августундагы №278 «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык дайындалган пенсияларды 2026-жылдын 1-октябрынан тартып индексациялоо жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу максатында, «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-статьясынын 4-пунктуна, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** 2026-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиялардын камсыздандыруу бөлүктөрүнүн өлчөмдөрүн индексациялоо коэффициенти 1,20 өлчөмүндө, бирок 10 000 (он миң) сомдон көп эмес бекитилсин.

**2.** Өлчөмү 2024-жылдын 1-октябрынан тартып кошумча төлөөлөрдү эсепке алуу менен 6 900 (алты миң тогуз жүз) сом жана 2025-жылдын 1-октябрынан тартып кошумча төлөөлөрдү эсепке алуу менен 7 100 (жети миң бир жүз) сомго чейинки өлчөмдө пенсионердин жашоо минимумунун чоңдугуна чейин жеткирилген пенсиялар, «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган учурларды кошпогондо, 2026-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиялардын базалык бөлүгүн жеткирүүнүн эсебинен кошумча төлөөлөрдү эсепке албастан тиешелүүлүгүнө жараша 6 900 (алты миң тогуз жүз) сомго жана 7 100 (жети миң бир жүз) сомго чейин жеткирилет деп белгиленсин.

**3.** «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык дайындалуучу пенсиялардын жалпы өлчөмү, ушул Мыйзамда каралган учурларды кошпогондо, 2026-жылдын 1-октябрынан кийин пенсиялардын базалык бөлүгүн жеткирүүнүн эсебинен кошумча төлөөлөрдү эсепке албаганда 8 800 (сегиз миң сегиз жүз) сомдон аз болбойт деп белгиленсин.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду:

1) «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык 2026-жылдын 1-октябрына чейин дайындалган пенсиялардын камсыздандыруу бөлүктөрүнүн өлчөмдөрүн 2026-жылдын 1-октябрынан тартып 1,20 өлчөмүндө, бирок 1 000 (бир миң) сомдон кем эмес жана 10 000 (он миң) сомдон көп эмес пенсиялардын камсыздандыруу бөлүктөрүнүн өлчөмдөрүн индексациялоо коэффициентине индексацияласын;

2) 2024-жылдын 1-октябрынан тартып 6 900 (алты миң тогуз жүз) сомго чейин жана 2025-жылдын 1-октябрынан тартып 7 100 (жети миң бир жүз) сомго чейин жеткирилген пенсияларды, «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган учурларды кошпогондо, ушул токтомдун 2-пунктуна ылайык 2026-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиялардын базалык бөлүгүн жеткирүүнүн эсебинен кошумча төлөөлөрдү эсепке албастан тиешелүүлүгүнө жараша 6 900 (алты миң тогуз жүз) сомго жана 7 100 (жети миң бир жүз) сомго чейин жеткирсин.

Пенсиянын өлчөмү пенсионердин жашоо минимумунун тиешелүү чоңдугуна чейин жеткирилгенден кийин пенсиянын камсыздандыруу бөлүктөрүнө ушул токтомго ылайык индексациялоо жүргүзсүн;

3) 2026-жылдын 1-октябрына чейин дайындалган, өлчөмү камсыздандыруу бөлүгүн индексациялоодон кийин 8 800 (сегиз миң сегиз жүз) сомдон аз болгон пенсияларды, «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган учурларды кошпогондо, пенсиялардын камсыздандыруу бөлүгүнүн эсебинен көрсөтүлгөн өлчөмгө чейин жеткирсин;

4) пенсиянын камсыздандыруу бөлүктөрүнүн өлчөмүнүн өз убагында кайра эсептелишин жана алардын жаңы өлчөмдөрдө төлөнүшүн камсыз кылсын.

**5.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги республикалык бюджетте Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду үчүн ушул токтомдун 2, 3-пункттарын ишке ашырууга 33 921 891 сом көлөмүндө акча каражаттарын карасын.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыялanuуга тийиш жана 2026-жылдын 1-октябрынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 5-сентябры, №601***

АЙМАКТАРДА

## ЖАҢЫ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРДЫ КАБЫЛ АЛУУГА ДАЯР



Ноокен районунун Кыргызстан айылында 150 орунга ылайыкталган жаңы мектептин курулушу аяктап, ал жаңы окуу жылында пайдаланууга берилүүгө даяр.

Курулуш министрлигинин маалыматына караганда, долбоордун жалпы баасы 90,6 млн сомду түзүп, республикалык бюджеттен каржыланган.

Эки кабаттуу мектепте окуу бөлмөлөрү менен катар компьютердик класс, лаборатория, китепкана, ашкана, жыйындар залы жана спорт зал жайгашкан. Билим берүү мекемесинин курулушу 2024-жылдын июль айында башталган.

## ДАГЫ БИР МЕКТЕП ЭШИГИН АЧАТ



Кочкор районунун Кочкор айылында 500 орундуу И. Арабаев атындагы жаңы мектептин курулушу толугу менен бүткөрүлдү.

Курулуш министрлигинин маалыматына ылайык, мектеп республикалык бюджеттин каражатына салынды. Анын курулушу 2023-жылдын октябрь айында башталган. Учурда бардык курулуш иштери аяктап, билим берүү мекемеси жаңы окуу жылында пайдаланууга берүүгө даяр.

Үч кабаттуу мектеп заманбап талаптарга ылайык курулуп, имараттын жалпы аянты 4136 чарчы метрди түзөт. Анда окуу класстарынан тышкары лаборатория, китепкана, ашкана, компьютердик класс, эмгек кабинети, дарыгердин бөлмөсү, жыйындар залы жана керектүү шарттары түзүлгөн спорт зал каралган.

Ошондой эле мектептин аймагында футбол, волейбол жана баскетбол ойноочу, машыгууга арналган аянтчалар курулган.

## ЭҢ УЗУН КӨЧӨ ЖАҢЫЛАНАТ

Ош шаарындагы Б. Осмонов көчөсүн реконструкциялоо иштеринин алкагында жолдун биринчи тарабына асфальт төшөө башталды. Бул тууралуу шаардык мэрия маалымдады.

Маалыматка ылайык, көчөнүн жалпы узундугу 5 чакырымдан ашат. Жүргүзүлүп жаткан иштердин жүрүшүн Ош шаарынын мэри жеринен көрүп, көзөмөлгө алды.

Б. Осмонов көчөсүн 5-октябрь — Ош шаарынын күнүнө карата пайдаланууга берүү пландалууда.

## ЖАРАТЫЛЫШ ГАЗЫ УБАКТЫЛУУ ӨЧҮРҮЛӨТ

Чүй облусундагы беш калктуу конушта 8-9-сентябрь күндөрү жаратылыш газын берүү убактылуу токтотулат. Буга жогорку басымдагы жер алдындагы газ түтүгүндө оңдоо иштеринин жүргүзүлүшү себеп болууда. Бул тууралуу "Чүйгаз" газ кызматы билдирди.

Газ Сокулук айылында, Шопоков шаарында, Романовка, Гавриловка жана Александровка айылдарында убактылуу берилбейт.

Маалыматта оңдоо иштери газ менен камсыздоонун коопсуздугун жана туруктуу иштешин камсыз кылуу үчүн жүргүзүлөрү айтылат. Абоненттерге газ өчүрүлгөн учурда энергиянын башка булактарын пайдаланууну сунушталды.

## КИНОТЕАТР РЕКОНСТРУКЦИЯДАН КИЙИН ИШКЕ КИРДИ




Чолпон-Ата шаарындагы "Чолпон" кинотеатры оңдоп-түзөөдөн өтүп, кайрадан көрүүчүлөр үчүн ачылды. Бул тууралуу имаратты жаңылоону каржылаган Россия-Кыргыз өнүктүрүү фонду маалымдады.

Маалыматка ылайык, мындан 40 жыл мурун салынган имарат дээрлик толугу менен жаңыртылган. 310 орундуу беш заманбап зал 4K жабдуулары менен камсыздалды.

Белгилей кетсек, буга чейин РКӨФтүн каржылык колдоосу аркылуу Баткен, Токмок жана Кербен шаарларындагы кинотеатрлар да реконструкцияланган.

**"Эркин-Тоо" пресс**

## «АБА КЫЙМЫЛЫН ТЕЙЛӨӨ КРАЭ-11.» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АВИАЦИЯЛЫК ЭРЕЖЕЛЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ ЖАРАНДЫК АВИАЦИЯ МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИНИН

**БУЙРУГУ**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-марттагы №115 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө» токтомуна ылайык, ошондой эле Эл аралык жарандык авиация уюмунун (ИКАО) стандарттары жана сунушталуучу тажрыйбасы менен максималдуу бирдейлигин камсыз кылуу максатында, **буйрук кылам:**

**1.** Тиркемеге ылайык, «Аба кыймылын тейлөө КРАЭ-11.» Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелери мамлекеттик жана расмий тилдерде бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин укуктук камсыздоо бөлүмү:

- бул буйрукту катталган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде мамлекеттик жана расмий тилдерде «Эркин-Тоо» газетасына жарыялансын;
- расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде бул буйруктун көчүрмөлөрүн мамлекеттик жана расмий тилдерде кагаз жана электрондук түрдө Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтсүн;
- бул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде көчүрмөлөрүн маалымат үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жөнөтсүн.

**3.** Кыргыз Республикасынын министрликтери, ведомстволору, жарандык авиация уюмдары жана окуу борборлору «Аба кыймылын тейлөө КРАЭ-11.» Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелерин аткарууга кабыл алсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине күчүн жоготту деп табуу сунушталсын:

- 2016-жылдын 27-январындагы №1 «Аба кыймылын тейлөө КРАЭ-11.» Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелерин бекитүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин буйругунун 1-пунктунун 12-абзацы;
- 2020-жылдын 29-октябрындагы №1 «Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин "Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелерин бекитүү жөнүндө" 2016-жылдын 27-январындагы №1 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жолдор министрлигинин буйругу.

**5.** Бул буйрук Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин штаттык санынын жана тиешелүү жылдарга республикалык бюджетте каралган каражаттарынын чегинде жүзөгө ашырылат деп белгиленсин.

**6.** Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**7.** Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин укуктук камсыздоо бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Директор** **Д.БОСТОНОВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 7-сентябры, №13-21-13***

*Буйруктун тиркемеси менен **www.caa.kg** сайтынан тааныша аласыздар.*

## ПРИКАЗ

ГОСУДАРСТВЕННОГО АГЕНТСТВА ГРАЖДАНСКОЙ АВИАЦИИ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### ОБ УТВЕРЖДЕНИИ АВИАЦИОННЫХ ПРАВИЛ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «АПКР-11. ОБСЛУЖИВАНИЕ ВОЗДУШНОГО ДВИЖЕНИЯ»

В соответствии с постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года №115, а также в целях обеспечения максимального единообразия со Стандартами и Рекомендуемой практикой Международной организации гражданской авиации (ИКАО), **приказываю:**

**1.** Утвердить Авиационные правила Кыргызской Республики «АПКР-11. Обслуживание воздушного движения» на государственном и официальном языках согласно приложению.

**2.** Отделу правового обеспечения Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики:

- опубликовать настоящий приказ на государственном и официальном языках в газете «Эркин-Тоо» в течение трех рабочих дней со дня регистрации;
- в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования направить копии настоящего приказа на государственном и официальном языках на бумажном и электронном носителях в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики;
- в течение трех рабочих дней со дня вступления в силу настоящего приказа направить копии настоящего приказа в Администрацию Президента Кыргызской Республики для информации.

**3.** Министерствам, ведомствам, организациям гражданской авиации и учебным центрам Кыргызской Республики принять к исполнению Авиационные правила Кыргызской Республики «АПКР-11. Обслуживание воздушного движения».

**4.** Рекомендовать Министерству транспорта и коммуникаций Кыргызской Республики признать утратившим силу:

- абзац 12 пункта 1 приказа Министерства транспорта и коммуникаций Кыргызской Республики от 27 января 2016 года №1 «АПКР-11. Обслуживание воздушного движения»;
- приказ Министерства транспорта и дорог Кыргызской Республики от 29 октября 2020 года №1 «О внесении изменений в приказ Министерства транспорта и коммуникаций Кыргызской Республики от 27 января 2016 года №1 «Об утверждении Авиационных правил Кыргызской Республики».

**5.** Установить, что реализация настоящего приказа осуществляется в пределах штатной численности и средств Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики, предусмотренных в республиканском бюджете на соответствующие годы.

**6.** Настоящий приказ вступает в силу по истечении семи дней со дня его официального опубликования.

**7.** Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на отдел правового обеспечения Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики.

**Директор** **Д.БОСТОНОВ**

***г.Бишкек, 7 сентября 2026 года, №13-21-13***

*С приложением приказа можно ознакомиться на сайте **www.caa.kg***



## УЛУТТУК ТРАВМАТОЛОГИЯ ЖАНА ОРТОПЕДИЯ БОРБОРУНУН КУРУЛУШУ

Бишкекте Улуттук травматология жана ортопедия борборунун курулушу жүрүүдө. Мында 2025-жылдын апрель айынан тартып бетон жана кирпич иштеринин негизги көлөмү толугу менен аяктаган. Учурда имараттын ички системаларын монтаждоо иштери жүргүзүлүүдө. Жаңы борбор 450–500 койкага ылайыкталган, адистештирилген медициналык мекемелердин бири болот.

Бейтаптар үчүн эки орундуу палаталар жана бардык зарыл шарттар каралган. Имаратка заманбап климаттык көзөмөл системалары жана таза аба берүү технологиясы орнотулат. Оорукананын аянтында санитардык авиация үчүн тик учак аянтчасы курулат. Ал заманбап дүйнөлүк тажрыйбага ылайык, кырсык болгон жерден бейтаптарды эрте түздөн-түз борборго жеткирүүгө ылайыкташат.

Жаңы салынып жаткан Улуттук травматология жана ортопедия борбору жер төлө жана жети кабаттан турат. Имараттын жалпы аянты болжол менен 35 миң чарчы метрди түзөт. Бейтаптардын жана медициналык кызматкерлердин ыңгайлуулугу үчүн 12 лифт каралган.

Бейтаптар сейилдөө үчүн жашылдандырылып, көрктөндүрүлгөн парк зонасы түзүлөт. Жер төлө бөлүгүндө унаа токтотуучу жай каралган. Бул иштерди жеринен текшерген Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкаруучусу Каныбек Туманбаев курулуштун сапатын камсыз кылуу жана долбоорду белгиленген мөөнөттө аяктоону белгиледи.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

## СУДЕБНО-ЭКСПЕРТНАЯ СЛУЖБА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**объявляет открытый конкурс на замещение вакантных судебно-экспертных должностей:**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1. | Управление лингвистических и религиоведческих экспертиз | Эксперт (по лингвистической экспертизе кыргызского языка) | 2 |
| 2. | Управление почерковедческих экспертиз | Эксперт | 2 |
| 3. | Управление строительно-технических экспертиз | Заместитель начальника | 1 |
| | | Эксперт | 3 |
| 4. | Управление баллистических, трасологических и взрывотехнических экспертиз | Эксперт (по взрывотехническим экспертизам) | 1 |
| | | Эксперт (по баллистическим и трасологическим экспертизам) | 3 |
| 5. | Отдел компьютерно технических и фоноскопических экспертиз | Заместитель начальника (по фоноскопическим экспертизам) | 1 |
| | | Эксперт (по фоноскопическим экспертизам) | 1 |
| | | Эксперт (по компьютерно-техническим экспертизам, место дислокации г.Ош) | 1 |
| 5. | Отдел автотехнических экспертиз | Начальник | 1 |
| | | Заместитель начальника | 1 |
| | | Эксперт | 2 |
| 6 | Отдел пожарно-технических экспертиз | Эксперт | 1 |
| 7. | Южное управление | Эксперт (по строительно-техническим экспертизам) | 1 |
| | | Эксперт (по религиоведческим экспертизам) | 1 |
| | | Эксперт (по лингвистическим экспертизам) | 1 |
| | | Эксперт (по баллистическим и трасологическим экспертизам) | 1 |
| 8. | Северное управление | Заместитель начальника (по экспертным направлениям) | 1 |
| | | Эксперт (по автотехническим экспертизам) | 1 |
| | | Эксперт (по строительно-техническим экспертизам) | 1 |
| | | Эксперт (по экономическим экспертизам) | 1 |
| | | Эксперт (по криминалистическим экспертизам материалов, веществ и изделий) | 1 |

**За подробной информацией обращайтесь в отдел по управлению человеческими ресурсами: тел.: (0312) 300-846.**

Срок подачи документов **с 8 сентября по 21 сентября 2026 года.**

***В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности Ч №895242 (от 26.02.2020 г.) на имя Кетекеева Кылычбека Балбыевича считать недействительным.***
П/П-123

***Кадырбек кызы Нурсулууга тиешелүү диплому сериясы УБ160069139, каттоо номери 7072 (30.07.2016-ж.б.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Д-05

***Раимбеков Рыскул Бейшеновичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы сериясы Ч №062553 (28.06.2005-ж.б.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
КИКБ

КЫРГЫЗ БАНКЫ

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

### R-Vision SGRC системасын техникалык колдоо кызмат көрсөтүүлөрүн сатып алуу боюнча ачык республикалык сынак өткөрөт.

Сынак боюнча документтер **2026-жылдын 25-сентябрында саат 17.00гө чейин** сынак документтерин кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде **tender@nbkr.kg** электрондук почтасы аркылуу берилет.

Сынакка чейинки конференция **2026-жылдын 16-сентябрында саат 15.00дө Бишкек шаары, Т.Үмөталиев көчөсү, 101** дареги боюнча өткөрүлөт. Конференцияга катышуу маселеси боюнча техникалык координаторго кайрылуу зарыл.

Сынак боюнча сунуштар **2026-жылдын 29-сентябрында саат 15.00гө чейин Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168** дареги боюнча кабыл алынат.

Белгиленген убакыттан кийин тапшырылган сунуштар кабыл алынбайт жана каралбайт. Кароого Улуттук банктан кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде сынак документтерин алган катышуучулардын сунуштары кабыл алынат.

Сынак боюнча сунуштар **2026-жылдын 29-сентябрында саат 15.00дө Бишкек шаары, Т.Үмөталиев көчөсү, 101** дареги боюнча катышуучулардын өкүлдөрүнүн катышуусунда каралат.

**Уюштуруу маселелери боюнча +996 (312) 66-90-15 (1231); 66-91-52 телефон номерлери же tender@nbkr.kg электрондук почтасы аркылуу техникалык координаторго кайрылсаңыздар болот.**

## «Кайыңды-Кант» ААКсы

### облигациялар боюнча чегерилген кирешелер жөнүндө билдирет

**Чыгарылыштын номери:** энчилүү облигациялар боюнча 3-пайыздык мезгилге экинчи чыгарылыш, KG №0202069322, 01.12.2025-ж.
**Кирешелүүлүк деңгээли:** 7,0%
**Облигациянын номиналдык наркы:** 100 АКШ доллары
**Кирешени төлөөнүн башталышы:** 2026-жылдын 22-сентябры
**Баалуу кагаз ээсинин тизмесин түзгөн күн:** 2026-жылдын 17-сентябры
**Төлөө ыкмасы:** акча каражаты
**Төлөм дареги:**
Пайыздар облигация ээсинин арызына ылайык акча каражаты банктык эсебине которуу жолу менен төлөнөт.

## ОАО "Каинды-Кант"

### уведомляет о начисленных доходах по облигациям

**Номер выпуска:** Вторая эмиссия за 3-й процентный период по именным процентным облигациям, KG 0202069322 от 01.12.2025 г.;
**Ставка доходности:** 7,0%
**Номинальная стоимость облигации:** 100 долларов США
**Дата начала выплаты дохода:** 22 сентября 2026 года
**Дата составления списка владельцев ценных бумаг:** 17 сентября 2026 года
**Форма выплаты:** денежные средства
**Место выплаты:**
Выплата процентов будет осуществляться путем перечисления денежных средств на банковский счет держателя облигаций, согласно поданного им заявления.

## «НУР Телеком» ЖЧКсы

***2026-жылдын 21-сентябрынан баштап бардык «НУР Телеком» түйүнүнүн абоненттери үчүн Сауд Арабиясынын Zain жана Норвегиянын Lyse Tele тармактарында роуминг үчүн абоненттик тарифтердин төмөндөгөнүн билдирет. Ошондой эле, 2026-жылдын 21-сентябрынан баштап Сауд Арабиясынын Zain жана Норвегиянын Lyse Tele түйүндөрү «Интернет-роуминг» топтомдору жана «Роуминг», «Чексиз WhatsApp», «Чексиз Telegram», «Роумингдеги карталар» кызматтары иштеген тармактардын тизмесине кошулат.***

*КР МТБМК алдындагы МБА лицензиялары: №16-0062-КР 06.12.2016, №16-0063-КР 06.12.2016.*

С/О 013

## ООО «НУР Телеком»

***уведомляет о снижении абонентских тарифов на услуги роуминга для всех абонентов сети «НУР Телеком» в роуминге в сетях Саудовской Аравии Zain и Норвегии Lyse Tele с 21 сентября 2026 года. Также, с 21.09.2026 сети Саудовской Аравии Zain и Норвегии Lyse Tele будут добавлены в список сетей, в которых действуют пакеты «Интернет-роуминг» и услуги «Роуминг», «Безлимитный WhatsApp», «Безлимитный Telegram», «Карты в роуминге».***

*Лицензии ГАС при ГКИТиС КР: №16-0062-КР от 06.12.2016, №16-0063-КР от 06.12.2016.*

## ДЕПАРТАМЕНТ РЫБОПРОМЫШЛЕННОГО КОМПЛЕКСА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ВОДНЫХ РЕСУРСОВ, СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА И ПЕРЕРАБАТЫВАЮЩЕЙ ПРОМЫШЛЕННОСТИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (ОРГАНИЗАТОР)

### объявляет о проведении конкурса по предоставлению в пользование водоёмов и участков водоёмов для организации рыбных хозяйств. Для выращивание теплолюбивых, холодолюбивых комплекс объектов аквакультуры, Направление аквакультуры (садковая, пастбищная, рекреационная)

Юридическим и физическим лицам необходимо подать конкурсную заявку Организатору по адресу: **720001, Кыргызская Республика, г. Бишкек, ул. Киевская, 96-А, 6 этаж, кабинет 614. Телефон: 62-36-94, (0500) 09-19-17.** Срок подачи конкурсных заявок – **до 7 октября 2026 года включительно, 6 этаж, каб. 614.** Заседание конкурсной комиссии состоится **14 октября 2026 года в 10.00 (6 этаж, каб. 618).**

| № п/п | Лот № | Наименование рыбохозяйственного водоема | Местонахождение водоема/координаты | Площадь водоема/участка |
|---|---|---|---|---|
| | | **Иссык-Кульская область** | | |
| 1 | 096-26 | Пруд Кара-Кол контур №1138 | Жети-Огузский район, село Ичке-Булун координаты ГИС 42.533087, 78.220417 | 2,0 га |
| 2 | 097-26 | Контур №236 Озеро “Кол-Коочу” | Жети-Огузский район, село Чырак ГИС 42.503911, 78.122103 | 25,6 га |
| 3 | 098-26 | Контур №63 Озеро “Кокуй-Кол” | Жети-Огузский район, село Чырак №63 контур ГИС 42.475864, 78.062417 | 24,0 га |
| | | **Таласская область** | | |
| 4 | 099-26 | Озеро контур №265 | Манасский район, Кыргызстанский а/а ГИС 42.761661°, 71.402317° | 2,4 га |
| 5 | 100-26 | Водоём пруд “Жолдош” | Манасский район, Кыргызстанский а/а Координаты ГИС 42.769563, 71.475367 | 1,2 га |
| 6 | 101-26 | Водоём пруд “Курочкин” | Манасский район, Кыргызстанский а/а Координаты ГИС 42.777401, 71.477486 | 1,2 га |
| 7 | 102-26 | Водоём контур №136 | Манасский район, Кыргызстанский а/а Координаты ГИС 42.766990, 71.477955 | 2,0 га |
| | | **Ошская область** | | |
| 8 | 103-26 | Пруд контур №941 | Кара-Суйский район, село Жаны-Арык Координаты ГИС 40.638802, 73.123772 | 1,36 га |
| | | **Жалал-Абадская область** | | |
| 9 | 104-26 | Озеро “Тытты-Кол” | Токтогульский район, Кетмен-Төбө а/а, с. Тытты ГИС 41.993165, 72.757464 | 2,8 га |
| 10 | 105-26 | Вдхр. границы участка садок | Жалал-Абадская область, на участке Курупсайского вдх, ГИС 41.523182, 72.455658 | 5 га |
| 11 | 106-26 | Вдхр. границы участка садок | Токтогульский район, Токтогульское вдх, участок №4 ГИС 41.837993, 72.796623 | 100 га |
| | | **Чуйская область** | | |
| 12 | 107-26 | Пруд “Карп” контур №537 | Московский р-н, Мин-Булакского а/а с. Садовое ГИС 42.856521, 74.153187 | 0,8 га |
| 13 | 108-26 | Водоём контур №536 | Панфиловский р-н, Курама а/а ГИС 42.809913, 73.654584 | 2,0 га |
| 14 | 109-26 | Водоём контур №581, №582 | Чуйская область, Жайылский район ГИС 42.850089, 73.805233 | 0,3 га, 2,5 га |
| 15 | 110-26 | БСР контур 569 | Чуйская область, Иссык-Атинского района Ак-кудукского а/о, ГИС 42.933695, 74.871569 | 8,9 га |
| 16 | 111-26 | Пруд контур 155 | Чуйская область, Сокулукский район ГИС 42.942658, 74.382308 | 0,5 га |

По всем интересующимся вопросам и за дополнительной информацией, а также по критериям оценок, на основании которых конкурсная комиссия будет оценивать заявки, поданные на участие в конкурсе, юридические и физические лица могут обращаться к секретарю межведомственной комиссии, по адресу: **720001, г. Бишкек, ул. Киевская, 96-А, 6 этаж, 614 каб.**

Информация по критериям оценки конкурсной комиссии при предоставлении водоёмов для ведения аквакультуры опубликована в соответствующем разделе официального сайта Министерства. С информацией можно ознакомиться по ссылке: **https://egov.kg/ru/ministry/agriculture/5419**

**Требования к конкурсным документам:**

Для участия в конкурсе необходимо предоставить следующие документы:
- Заполненную форму конкурсной заявки;
- Копию документа, удостоверяющего личность (паспорта);
- Бизнес-план;
- другие документы - при наличии;
- копия устава - для юридических лиц;
- копия свидетельства о государственной регистрации - для юридических лиц.

С/О 014

## Настоящим ОАО «Процессинг КейДжи» (далее – Общество)

***сообщает следующее:***

**26 августа 2026 года проведено №18 заседание Совета директоров ОАО «Процессинг КейДжи».**

Заседание проведено в очной форме.

**По итогам заседания принято следующие решение:**

Утвердить технического директора Джумагазы уулу Кунайбека на должность члена правления ОАО «Процессинг КейДжи» сроком на один год с 26 августа 2026 года по 25 августа 2027 года включительно.

*Наследника по закону **Косенко Павла Аксентьевича, умершего 18.12.1997 г. Исаеву Александру Юрьевичу, 17.07.1969 года рождения** не принявшего наследство в предусмотренный законодательством Кыргызской Республики 6 (шести) месячный срок, предлагаю обратиться по адресу: **город Бишкек, Свердловский район (с.Лебединовка), пр.Ленина, 354А** и уведомляю, что по истечении 30 (тридцати) календарных дней свидетельство о праве на наследство по закону будет выдано наследнику, принявшего наследство.*

Н-640

***В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок серии Ч №770890, Ч №443708 на имя Асрутдиновой Гузаль Зинатовны считать недействительными.***

Н-642

***Мураталиева Асылбубу Шакировнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы сериясы Ч №148596 (19.06.2008-ж.б.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

КИКБ

## Специальный администратор
## ОАО «Кадамжайский сурьмяный комбинат» - банкрот

***уведомляет о созыве внеочередного общего собрания кредиторов, которое состоится 18 сентября 2026 года в 14.00 часов по адресу: Баткенская область, Кадамжайский район, город Кадамжай, ул. Заводская, 12.***

**ПОВЕСТКА ДНЯ:**

1. Утверждение решения (протокола) инвестиционной комиссии по продаже 100% доли специального администратора ОАО «Кадамжайский сурьмяный комбинат» - банкрот в уставном капитале ОсОО «Кадамжайская сурьмяная компания» от 04.09.2026 года.
2. О даче согласие на заключение договора купли-продажи 100% доли специального администратора ОАО «Кадамжайский сурьмяный комбинат» - банкрот в уставном капитале ОсОО «Кадамжайская сурьмяная компания» с победителем инвестиционного конкурса.
3. Разное.

Участникам собрания необходимо иметь при себе документ удостоверения личности. Представителям кредиторов необходимо иметь при себе надлежащим образом оформленный документ, подтверждающий их полномочия, а также документ удостоверения личности.

Для участия на собрании кредиторов с правом голоса, кредиторы не подавшие претензии обязаны подать специальному администратору ОАО "КСК" свои требования (претензии) за семь календарных дней до начала собрания кредиторов.

**По всем вопросам повестки дня обращаться по номеру: (0555) (702) 923-098.**

## Отчет ОАО «МФК «АБН»

***о выплате дохода по облигациям первого транша пятого выпуска (рег.№ KG 0205211517 от 19.08.2024 г.) за восьмой процентный период, установленная дата выплаты с 2 сентября 2026 г.***

| | |
|---|---|
| Общее количество владельцев облигаций (физ. и юр. лица) | 89 |
| Общая сумма начисленных доходов (сом) | 1 800 000,00 |
| Общее количество владельцев облигаций, получивших доходы (физ. и юр. лица) | 82 |
| Сумма выплаченных доходов, в сомах | 1 598 400 |
| Сумма не выплаченных доходов, в сомах | 201 600,00 |
| Количество владельцев облигаций, по которым не выплачены доходы (физ. лица) | 7 |
| Количество облигаций, по которым не выплачены доходы (экз.) | 896 |
| Причина невыплаты | Не востребованы инвестором* |

*** Причина невыплаты и предполагаемая дата выплаты:** На дату предоставления отчета проценты не востребованы инвесторами. Выплата процентов будет производиться по мере их явки в ОАО “МФК “АБН”, предполагаемая дата выплаты: с даты востребования.

## ЗАО "Микрофинансовая Компания “Элет-Капитал"

***Решения, принятые общим собранием акционеров***

**Дата проведения общего собрания** – 04.09.2026 г.
**Вид общего собрания** – внеочередное.
**Форма проведения общего собрания** – очная.
**Место проведения общего собрания** – Кыргызская Республика, г. Бишкек, ул. Московская, 125
**Кворум общего собрания** – 100%

**На собрании приняты следующие решения:**

1. Утвердить состав счётной комиссии.
2. Создать Сузакское представительство ЗАО МФК «Элет-Капитал».
   **Полное фирменное наименование на русском языке:** Сузакское представительство Закрытого акционерного общества «Микрофинансовая Компания «Элет-Капитал».
   **Местонахождение представительства:** Кыргызская Республика, 720900, Жалал-Абадская область, Сузакский район, с. Сузак, ул. Дакан-Палван, б/н.
3. Утвердить Положение о Сузакском представительстве Закрытого акционерного общества «Микрофинансовая Компания «Элет-Капитал».

С/О 1010

## «МедВетСити+» ААКсы

***2026-жылдын 29-сентябрында саат 11.00дө Бишкек шаары, Октябрьская көчөсү №250 дарегинде төмөнкү күн тартиби менен акционерлердин кезексиз жалпы чогулушу өткөрүлөрүн маалымдайт.***

1. Эсептөө комиссиясы жөнүндө.
2. «МедВетСити+» ААК тарабынан кредит алуусун жактыруу жөнүндө.
3. Коомдун жүгүртүлүүчү акцияларынын санын көбөйтүү жөнүндө, аларды жайгаштыруунун шарттарын жана тартибин бекитүү.
4. Коомдун Уставына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө.

Акционерлерди каттоо **саат 10.00дөн 11.00гө чейин.**

Чогулушка катышууга укуктуу акционерлердин тизмеси түзүлгөн күн – **2026-жылдын 28-сентябры.**

Чогулушту өткөрүүгө даярдык көрүүдө акционерлерге бериле турган материалдар менен Коомдон таанышууга болот.

**Эскертүү:** акционерлер өздөрү менен паспортун, акционерлердин өкүлдөрү жана юридикалык жактардын өкүлдөрү тиешелүү тартипте тариздеелген ишеним катты жана паспортун алып келүүгө тийиш.

## ОАО «МедВетСити+»

***сообщает о проведении внеочередного общего собрания акционеров, которое состоится 29 сентября 2026 года в 11.00 часов, по адресу: г. Бишкек, улица Октябрьская №250 с повесткой дня:***

1. О счетной комиссии.
2. Об одобрении получения ОАО «МедВетСити+» кредита.
3. Об увеличении количества обращаемых акций Общества, утверждение условий и порядка их размещения.
4. О внесении изменений и дополнений в Устав Общества.

Регистрация акционеров **с 10.00 до 11.00 часов.**

Дата составления списка акционеров, имеющих право на участие в собрании **– 28 сентября 2026 года.**

С материалами, подлежащими представлению акционерам при подготовке к проведению собрания, можно ознакомиться в Обществе.

**Примечание:** акционерам необходимо иметь при себе паспорт, и представителям акционеров и юридических лиц - оформленную доверенность и паспорт.

## Отчет ОАО «МФК «АБН»

***о выплате дохода по облигациям второго транша пятого выпуска (рег.№ KG 0205211517 от 19.08.2024 г.) за седьмой процентный период, установленная дата выплаты с 4 сентября 2026 г.***

| | |
|---|---|
| Общее количество владельцев облигаций (физ. и юр. лица) | 99 |
| Общая сумма начисленных доходов (сом) | 1 800 000,00 |
| Общее количество владельцев облигаций, получивших доходы (физ. и юр. лица) | 87 |
| Сумма выплаченных доходов, в сомах | 1 388 475,00 |
| Сумма не выплаченных доходов, в сомах | 411 525,00 |
| Количество владельцев облигаций, по которым не выплачены доходы (физ. лица) | 12 |
| Количество облигаций, по которым не выплачены доходы (экз.) | 1 829 |
| Причина невыплаты | Не востребованы инвестором* |

*** Причина невыплаты и предполагаемая дата выплаты:** На дату предоставления отчета проценты не востребованы инвесторами. Выплата процентов будет производиться по мере их явки в ОАО “МФК “АБН”, предполагаемая дата выплаты: с даты востребования.

***Турдукулова Разия Бактыбаевнага тиешелүү дипломy сериясы ЖВ №250793, каттоо номери 227 (08.07.1981-ж.б.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Д-05

***В связи с утерей диплома серия АА №005612 на имя Асанбековой Акжолтой Мансуровны считать недействительным.***

КИКБ

***В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок серия Ч №349214 на имя Носачева Мстислава Александровича считать недействительным.***

КИКБ

## ЖОГОЛДУ
### УТЕРЯ

***В связи с утерей свидетельства о праве частной собственности на земельный участок В №033627, В №092991 на имя Жылкыбаева Узарбека Казиевича считать недействительными.***

П/П-950

***Накыев Сейитбек Талайбековичке таандык мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн ОКПО коду №26282771 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

КИКБ

***Кадырбаев Санжар Пайзылдаевичке таандык мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн ОКПО коду №24377264 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

КИКБ

***Айтыкулова Гүлайым Нуркамиловнага таандык жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы серия №340889 (13.09.2011-ж.б.), иден. коду: 5-11-18-1011-0569 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

КИКБ

***Сайипжанов Бексултан Сайипжановичке таандык жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы сериясы Ч №1231470 (12.12.2023-ж.б.), иден. коду: 5-04-17-1008-3630 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

КИКБ

***Аксы районунун Кербен шаарынын Күлүк-Дөбө айылынын тургуну Гүлжамийла Турдуматовага таандык жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекетттик актысы серия Ч №418279 (08.11.2012-ж.б.), иден. коду 3-03-01-1002-0323 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-641

***Нургазиева Наргиза Эргешалиевнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик актысы сериясы Ч №443190, иден. коду: 3-04-08-0009-0695 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Д-05

ЭРКИН-ТОО
Гезит ээси: КР Министрлер Кабинети

**Биздин реквизиттер:** р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596 ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

**Башкы редактор**
КАРБОСОВА
Жазгүл
Жузуповна

**Кабылдама: 62-38-75**

Башкы редактордун 1-орун басары
КАЛЫКОВ Шекербек – 62-38-77
Башкы редактордун орун басары
РЫСПАЕВ Курманбек – 62-38-78
Жооптуу катчы
КУЛАТАЕВА Бактыгүл – 62-38-71

**Бөлүмдөр:**
Саясат, укук жана экономика бөлүмү – 66-22-27
Маданият, адабият жана спорт бөлүмү – 62-18-64
Жарнама жана аймактар менен иштөө бөлүмү – 62-19-06
Уюлдук тел.: (0705) 11-75-87
(0773) 11-75-87
Веб-сайт – (0705) 08-71-79
Коммерциялык бөлүм – 62-19-06
"Нормативдик актылар" журналы – 62-38-71
Башкы эсепчи – 62-38-73

Компьютердик борбор – 62-38-74
АЙМАКТАР:
Ош облусу (0709) 27-44-27
Жалал-Абад облусу (0772) 12-82-67
Нарын облусу (0702) 87-87-79
Талас облусу (0708) 04-63-63
Ысык-Көл облусу (0702) 87-98-79
Чолпон-Ата шаары (0500) 20-89-70
Токтогул шаары (0220) 70-71-32
Кербен шаары (0773) 39-07-95

**Жарнамалардын мазмунуна редакция жооп бербейт.**

Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.

Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин-Тоо" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет.
Кол жазмалар жана сүрөттөр кайтарылбайт.
Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.

**Биздин дарегибиз:**
Бишкек шаары, 720040,
Тыныстанов көчөсү, 249.

erkintoo777@mail.ru

● Юстиция министрлигинен берилген катталуу күбөлүгү №592
Жумасына эки ирет: шейшемби, жума күндөрү чыгат.

**Индекси: 68451**

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Буйртма 387. Нускасы 4493
Басууга 07.09.2026-ж. саат 19.00дө берилди
Сатык келишим баада

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ОКЕАНДЫН АРЫ ЖАГЫНДА

# АМЕРИКАДА КЫРГЫЗДЫН АЙЫЛЫН ТҮПТӨГӨН КЫРГЫЗ КЫЗЫ



***Чикагодогу кыргыз кызы жөнүндө интернет айдыңында аңыз кеп тарай баштаганына бир кыйла убакыт болуп калды. Кыргызстандык Гүлзина Эшпаева Чикагодон анча алыс эмес жерден жер сатып алып, бир чети ишкерлик кылса, экинчи чети кыргыздын атын чыгарып, боз үйүн тигип, улуттук тамак-ашын жасап, каада-салтыбызды унуткарбоонун аракетин көрүүдө. Америкага болгон сапарымда атайын издеп барып төмөндөгү суроолорду узаттым.***

**- Адегенде өзүңүз жөнүндө маалымат берсеңиз. Биздин кыргызстандык кыз экен деп сизге кызыккандар көп.**

- Ооба, кыргызстандыкмын. Кадамжай районунун Тамаша айылында төрөлгөм. Мектепти да ошол жакта окугам. Кадимки эле айылдын турмушуна аралашып, элдин балдар-кыздарындай эле суу ташып, мал карашып, үй-тиричилигине тиешелүү бардык жумуштарды кылып чоңойгон айылдык кызмын. Өзүңүз жакшы билесиз, шаардыктарга караганда, айылдык балдардын түйшүгү көп болот эмеспи. Апама каралашып, атама жардам берип, уй саап, бээ саап, башка жумуштарды кылып, кол бошой калганда курбулар менен ойноп, кадимки эле айылдын турмушун баштан кечирдим. Айыл бизди эмгекке, алга умтулууга үйрөттү.

**- Америкага Кыргызстандан иш таппай коюп келдиңизби? Кантип келип калдыңыз?**

- Мен мектепти бүтүп аткан жылдары Кыргызстанда иш табыш, айрыкча жаштарга иш табыш кыйын эле го. Чынында ахвалыбыз оор эмес беле. Эми азыр жакшы болуп калды деп угуп атам. Интернеттен көрүп атам. Ал эмес Кытайдан, Индиядан Кыргызстанга келип иштеп жатышыптыр.

Мен мектепти бүтүп эле Москвага Туризм институтуна өтүп кеткем. Окуумду бүтүп эле ошол жакта иштеп калдым. Ата-энеме, бир туугандарыма колдон келген жардамдарымды берип жаттым. Ал жакта деле ишим жаман эмес болчу. Бир учурда жаштар Америкага агыла баштабадыбы. Бирөө байып кетиптир десе, дагы бирөө лотерея утуп алыптыр деген маалыматтар көбөйдү. Биздин баткендиктер да биринин артынан бири кетип атканын уктум. Мен дагы кызыгып, эл катары келип алдым.

**- Келсеңиз эле Кыргызстандан Гүлзина деген кыз келиптир деп кучагын жайып тосуп алган жок да? Келгендердин бардыгынын эле иши оңунан чыга бербесе керек? Бул жакта деле иштебеген тиштебейт да, туурабы?**

- Туура. Жеңил болгон жок. Чоочун жер, чоочун өлкө. Чоочуркабай койбойт экенсиң. Даяр эч нерсе жок экен. Иштебесең бул жакта деле ачка каласың. Адегенде дүкөндө, андан кийин бала бакчада иштедим. Бала менен отурган күндөрүм да болду. Бир аз көнүшкөндөн кийин IT адистиги боюнча ишке кирип, 4 жылдай иштедим. Өзүмдө менин колумдан да иш келет экен деген ишеним пайда болду.

Апам – англис тили мугалими. Ошондон улам тил жагынан да өтө кыйналганым жок. Мында келгендердин көпчүлүгү тилден кыйналышат. Кыргыз тили менен орус тилин эч жакка колдоно албайсың. Жеңил машина айдаганы да, чоң тракттарды айдаганы да экзаменден өтүшү керек.

**- Ал жагы го, ал болду. Эми мына бул фазенда жагы туурасында сүйлөшөлүчү. Башка иш таппай калып ушул ферманы сатып алгансызбы?**

- Айттым го, IT адистиги боюнча иштеп жаткам деп. Жан бакканга жакшы эле жетип жаткан. Бирок, үй алайын деп издеп жатсам ушул үй чыгып калды. Үйү, сарайы, жери кенен экен деп ушул үйдү сатып алып жатканда бизнес идея чыгып калды. Арзан эмес. Баштапкы төлөмүн төгүп, 30 жылга кредит алып, айына 4 миң доллардан төгүп берип турам. Ушул жакка конокторду кабыл алсам болот экен деп, Кыргызстандан 2 боз үй алдырып келдим. Тамак-ашын уюштурдум. Кыргыздын улуттук тамак-ашы. Негизинен бул жакка эли-жерин сагынган кыргыздар келишет. Бул жер тушоо кесүү, шерине өңдүү каада-салтыбызга ылайык иш-чараларды өткөргөнгө абдан ылайыктуу. Кой керек десе кой, тай керек десе тай беребиз. Тамак-ашын жасап беребиз. Бээ саап, кымыз жасайбыз. Кыскасы, Ата Мекенин сагынган жердештерибиздин талабына жооп бере турган иштерди кылганга аракет кылып жатабыз. Балдар ойной турган аянтчаларыбыз бар. Буйруса жаман эмес, улам барган сайын ишибиз жакшырып баратат.

**- Аз эле киши жүрөт го? Канча кызматчыңыз бар?**

- Апам экөөбүз элебиз, башка эч ким жок. Убактылуу жардам бере калчулар бар. Апам деле сезонго келет. Көп адамдарга айлык төлөгөнгө мүмкүнчүлүгүбүз чектелүү. Эгер жумушчу-кызматчы жалдасак, актай албай калабыз. Жана айтып өткөндөй, айына 4 миң доллар кредит төлөйм. 3 балам бар. Башка да чыгымдар болот дегендей. Кийин буйруса жетишпей баратсак жумушчуларды алабыз деген планыбыз бар.

**- Оор эле экен. Күнүгө конок тосуп, узатыш деген оңой жумуш эмес да?**

- Ооба оор деп отуруп алганда бизди ким багат. Экинчи жагынан оор экенине карабай чоң максаттарды коюп алгандан кийин, анын аягына чыгышым керек да. Буйруса бул жер кичинекей кыргыз айылы болот. Келген-кеткен адамдардын саны өсөт. Борбордук Азияда Кыргызстан деген мамлекет, кыргыз деген эл бар экенин таанытабыз. Ушундай чоң тилектерибиз бар. Буйруса, анын бардыгын ишке ашырабыз.

**- Маегиңизге рахмат! Ылайым ошол койгон максаттарыңа жет! - дегенден башка эмне айтмакчыбыз.**

**P.S.** *Алыста жүрсө да өз мекенин унутпай, 400-500 миң доллар кредит алгандан коркпой, алыскы Америкага эли-жеримди таанытам, мекендештеримдин өз каада-салттарын унутпоосуна кам көрөм деп алдына чоң максаттарды коюп алган Гүлзина карындашыбыздын күч-кайратына, жигер-демине абдан ыраазы болуп, иштерине ийгиликтерди кааладык.*

**Курманбек РЫСПАЕВ**





ИНВЕСТИЦИЯ

## "АСМАН" ШААРЫНЫН КУРУЛУШУ...

Өткөн аптада «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин башчысы Равшанбек Сабиров «Асман» экологиялык шаарын куруу инвестициялык долбоорунун ишке ашырылышын жеринде көрдү. Жумушчу сапардын алкагында долбоордун аянтчасына «"Ак Барс" холдинг компаниясы» ААКнын башкы директору, Татарстан Республикасынын Мамлекеттик Советинин депутаты Иван Егоров барганы маалым болду. Долбоордун аянтчасында «Асман» экологиялык шаарынын концепциясы, долбоорду ишке ашыруунун учурдагы абалы, ошондой эле аймакты андан ары өнүктүрүү маселелери каралган. Тараптар орусиялык инвесторлордун долбоорду ишке ашырууга катышуу мүмкүнчүлүктөрүн жана бул багыттагы андан аркы кызматташууну талкуулашкан.

Эске салсак, Ысык-Көлдүн түндүк жээгинде курулуусу пландалган «Асман» экологиялык таза шаары боюнча иштер 2026-жылы кайрадан активдешкен. Долбоордун айланасында жаңы инвесторлор, кошумча жер тилкелеринин бөлүнүшү тууралуу айтылган.

2026-жылдын август айында Министрлер Кабинети долбоор үчүн дагы 653,87 гектар мамлекеттик жерди бөлүү чечимин кабыл алган. Анын 457,99 гектары айыл чарба багытындагы жер болсо, 195,88 гектары мамлекеттик токой фондунун карамагында болгон. Бул чечим долбоордун географиялык масштабы кеңейип жатканын көрсөтөт.

Андан тышкары 2026-жылдын августунда Бишкекте «Асман» жаңы шаарын куруу жана өнүктүрүүгө арналган форум өтүп, анда шаарды долбоорлоо, инфраструктураны өнүктүрүү, инвестиция тартуу жана эл аралык өнөктөштүк маселелери талкууланган.

## ЖАҢЫ АВТОБЕКЕТ ИШКЕ БЕРИЛЕТ

Бишкектин батыш тарабында курулуп жаткан жаңы автобекет ушул айда ишке берилет. Бул тууралуу 4-сентябрда президенттин иш башкаруучусу Каныбек Туманбаев автобекеттин курулушу менен таанышып, анын даярдыгын текшерген учурда айтылды.

Иш башкармалыктын маалыматына караганда, учурда автобекеттин курулушу 95%га аяктаган. Имараттын ички жасалгалоо иштери бүткөн. Эми аймакка асфальт төшөө жана инфраструктураны көрктөндүрүү иштери калган.

Жаңы автобекетте жүргүнчүлөр үчүн бир катар ыңгайлуу шарттар түзүлөт. Анда соода түйүндөрү, аялдамалар жана унаа токтотуучу жайлар каралган. Имараттын жалпы аянты 30 миң чарчы метрди түзөт. Ал эми автобекет жайгашкан жердин аянты 16 гектар.

Эске салсак, Бишкекте 2024-жылы шаардын чыгыш жана батыш тарабындагы эки автобекеттин иши токтотулган. Чыгыш автобекетинен каттаган транспорттор Алма-Ата көчөсү менен айланма жолдун кесилишинде курулган жаңы автобекетке көчүрүлгөн. Ал эми батыш автобекетинен каттаган автобустар жана башка унаалар үчүн шаар четиндеги унаа базарынын жанынан жер бөлүнүп, убактылуу шарт түзүлгөн. Бул чечим борбордогу жол тыгындарын азайтуу жана шаар ичиндеги оор транспорттун кыймылын жөнгө салуу максатында кабыл алынган эле. Жүргүнчүлөрдүн жаңы автобекеттерге жетүүсү үчүн атайын автобус каттамдары да ачылган. Эми батыш тарабындагы жаңы автобекеттин ишке берилиши менен бул багыттагы каттамдар туруктуу жайга көчүрүлүп, жүргүнчүлөр үчүн шарттар жакшырышы күтүлүүдө.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**